# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАЙ-ИЮНЬ 2018 | № 5-6 (78-79) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**

Аймактарды өнүктүрүү: ЖӨБ менен мамлекеттин өз ара аракеттенүү механизмдери жолго салынат ............ 2

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруулар форумунун Резолюциясы ............ 4

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун азыркы абалы: жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүдө административдик мүмкүнчүлүктөр жана чакырыктар ............ 6

**ЖӨБдүн финансысы**

Жергиликтүү бюджеттерди жетиштүү каржылабоо Кыргыз Республикасындагы аймактарды өнүктүрүүгө жана башкаруу системасынын туруктуулугуна бут тосууда ............ 9

2017-жылдагы бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси ............ 19

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттери боюнча коомдук угууларды өткөрүүнүн усулдук колдонмосу ............ 22

**ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү**

Жарандар жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө баа берүүдө ............ 26

Жергиликтүү маанидеги маселелерди (турак жай-коммуналдык чарба жана аймакты көрктөндүрүү маселелерин) чечүү боюнча муниципалдык ишкананы түзүү тартиби ............ 28

**Аймактарды өнүктүрүү**

Ийгиликтүү аймактар – өлкөнүн өнүгүүсүнүн кепили ............ 36

**ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун сынагы**

"Жергиликтүү демилге" сынагынын Жобосу ............ 41

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ: ЖӨБ менен мамлекеттин өз ара аракеттенүү механизмдери жолго салынат

***100 ЖӨБ органы (шаарлар жана айыл аймактар) эффективдүү регионалдык өнүгүү үчүн мамлекет менен өз ара аракеттенүүнүн механизмдерин талкуулашты. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун 2018-жылдагы эң маанилүү жыйыны 3-июлда "Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу" аттуу Форумдун алкагында Бишкектеги "Парк-отель" мейманканасында өттү.***

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жарыяланган Аймактарды өнүктүрүү жылынын ортосунда өлкөнүн ар бир району жана дээрлик бардык шаарлары өз жетекчилерин форумга жиберишти. Бул форумда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле аймактарды өнүктүрүү ишинде мамлекет менен өз ара аракеттенүүсү талкууланды. Борбордук бийлик кандай гана демилгелерди көтөрбөсүн, Аймактарды өнүктүрүү жылынын жыйынтыктары ЖӨБ орган-

дары канчалык уюшуп, үндөшүп жана эффективдүү иштегенинен көз каранды болот. Себеби ЖӨБ органдары жамааттардын турмуш тиричилигиндеги көптөгөн маселелер үчүн жооп берет жана алардан шаарлардагы, айылдардагы жашоо шарттар көз каранды.



КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин директору (ЖӨБЭММА, Форумдун уюштуруучусу) **Бахтияр САЛИЕВ** буларды белгиледи: "Аймактарды өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун ийгилигин камсыз кылуу максатында ЖӨБ органдары үчүн мамлекет эмнелерди жасай аларын түшүнүү үчүн Форумду өткөрүүгө зарылчылык болду. Ошол эле маалда форум ЖӨБ органдары өзгөрүүлөргө карата өз даярдыгын өздөрү баалап, өз ролуна сынчыл көз менен карап, жергиликтүү жамааттардагы иштин абалы үчүн жоопкерчиликти өзүнө алууга даярдыгын текшерип, эртеңки күндү баамдай алуусу үчүн бул Форумду өткөрүп жатабыз. Бүгүн коммуналдык-чарба түйшүктөрүнүн алкагында кала бергүгө болбойт. Аймактардын комплекстүү өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти алууга мезгил жетти. Бул үчүн башкаруунун бардык деңгээлдеринде мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнүн эффективдүү механизмдери зарыл болуп турат. Жарандар жана өлкө үчүн маанилүү болгон башкаруудагы ар бир маселе кечиктирилбестен, жоопкерчиликти бир ведомосттон экинчисине, ЖӨБ органынан мамлекетке же тескерисинче оодарбастан, сапаттуу жана эффективдүү чечиле тургандай кылыш керек".




КР ЖӨБ Союзунун аткаруучу директору (Форумдун уюштуруучусу) **Өмүрбек АЛМАНБЕТОВ** аймактык өнүгүү ЖӨБ органына таянышы керек, Кыргыз Республикасы үчүн улуттун кызыкчылыктары менен жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары ортосундагы балансты издөө зарылчылыгы бышып жетилгенин белгилейт. Мында өлкөнүн жана улуттун байлыгы жана көп түрдүүлүгү жатат: "Жергиликтүү жамааттар менен мамлекет ортосунда диалог зарыл. Бирок мамлекет ар бир жамаат менен өз-өзүнчө сүйлөшүүлөрдү жүргүзө албайт. Ошондуктан муниципалдык ассоциация-



нын – ЖӨБ Союзунун ролу жана мааниси кескин өстү. Биз сынакка даярбыз жана форумда өз биримдигибизди жана жетилгенибизди көрсөтө алабыз деп ишенем".

Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы (Форумдун уюштуруучусу) Надежда ДОБРЕЦОВА буларды белгиледи: "Биз жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары мамлекеттик саясатта чагылдырылышы керектигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Бул үчүн ЖӨБ органдары менен мамлекет ортосунда саясий диалог, туруктуу жана эффективдүү өз ара аракеттенүү талап кылынат. Конституция ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын ажыраткан. Бирок бул ишти бөлүү үчүн эмес, агартуучулук, так жана уюшкан иш жасоо, бийликтин ар бир бөлүгү өз милдетин билип, сапаттуу иштей алган, ошондой эле башка бөлүктөр менен иш алып бара алган системаны түзүү максатын көздөйт".

Форумдун жүрүшүндө ЖӨБ органдары аймактарды өнүктүрүүдө өз миссиясын аткарып жатканда өздөрүнүн саясий, административдик жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүн талкуулашты; ЖӨБ үчүн аймактык өнүгүүнүн маңызы жана багыттары жөнүндө билдирүү жасашты. Форумдун экинчи бөлүгүндө катышуучулар ЖӨБдүн мамлекет менен өз ара аракеттенүүсүнүн конкреттүү механизмдерин талкуулашып, буга байланыштуу тийиштүү резолюцияны кабыл алышты.

Форумга финансылык колдоону Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчилиги көрсөттү. Форумдун уюштуруучулары Швейцария ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө өлкөгө масштабдуу жардам көрсөтүп келатканын белгилешет. М



# Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын форумунун РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

**Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары**
**2018-жылдын 3-июлу**

Биз, "Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу" аттуу Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Форумунун (мындан ары – Форум) катышуучулары, ЖӨБ органынын 92 өкүлүнүн; Мамлекеттик органдардын 13, анын ичинде КР Президентинин Аппаратынын, КР Жогорку Кеңешинин жана КР Өкмөтүнүн аппаратынын өкүлүнүн; ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандык коом уюмдарынын 19 өкүлүнүн, жалпы - 124 Форумдун катышуучуларынын атынан, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоо менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин аймактарды өнүктүрүү боюнча демилгесин колдоп, төмөнкүлөрдү белгилейбиз.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүн бекемдеп, өлкөнүн ар бир жаранынын бакубатчылыгын жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү жана тең салмактуу өнүктүрүү зарыл. Мунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын бардык аймагында жагымдуу турмуш шарттары түзүлөт. Форумдун катышуучулары Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү жана тең салмактуу өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй маселелерди чечүү чаралары зарыл деп эсептешет:

- пландоонун жана башкаруунун тармактык принцибинен, аймактарды өнүктүрүүнү пландоонун жана башкаруунун бирдиктүү системасын түзүүгө өтүү, жергиликтүү жана мамлекеттик өнүктүрүү программаларынын ортосунда макулдашууну жана өз ара байланышты камсыз кылуу;
- мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы иш-милдеттерди тең салмактуу бөлүштүрүү жана алардын талаптагыдай каржылануусун камсыз кылуу;
- ЖӨБ органдарын жана жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү маселелерин чечүү, мында алардын муниципалдык ассоциациялары жана союздары аркылуу айтылган бирдиктүү пикирлерин эске алуу;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдары менен муниципалдык ассоциациялары жана союздары аркылуу жергиликтүү жамааттар ортосундагы өз ара байланышты өркүндөтүү;
- Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн аймактык дезагрегатталбаган көрүнүшүн түзүү үчүн маалыматтарды жыйноо жана анализдөө системасын өркүндөтүү;
- кабыл алынган мыйзамдардын регионалдык өнүктүрүүгө тийгизген таасирин баалоонун системасын киргизүү;
- ЖӨБдүн коомдук маанилүү иш-милдеттерин каржылоодо аймактык ажырымды кыскартуу, бюджеттик камсыздоону теңдештирүүнүн жаңы эффективдүү жана ачык-айкын системасын иштеп чыгуу, жергиликтүү маанидеги маселелерди жана өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды жеткиликтүү каржылабай коюуну болтурбоо.

Форумдун катышуучулары бул маселелерди чечүү үчүн мамлекеттик башкаруу органдары ЖӨБ органдары менен биргеликте аймактарды өнүктүрүү, мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана жарандарга кызмат көрсөтүү боюнча өз ара аракеттенүүнүн эффективдүү системасын уюштуруу керектигин белгилешет. Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык, өз ара аракеттенүүнүн бул системасы төмөнкү принциптерге негизделет:

- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттик;
- мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы иш-милдеттерди жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү;
- ачыктык жана мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдардын карамагында болгон маалыматка жарандардын маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- жалпы мамлекеттик кызыкчылыктар менен жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарынын оптималдуу балансын камсыз кылуу;
- жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын ишке ашырууда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндигин камсыз кылууда өз ара аракеттенүү жана кызматташуу;
- мамлекеттик органдары жана ЖӨБ органдарын аткарууга милдеттендирген өз ара аракеттенүүнүн ченемдик жол-жоболорунун жана механизмдеринин бар болгону.

Жогоруда аталган принциптерге негизделген өз ара аракеттенүү системасы ЖӨБ органдары жана мамлекеттик органдар үчүн эффективдүү, ченемдик жактан бекитилип берилген жана милдеттендирил-

ген механизмдерди камтышы керек. Анын ичинде:

**ЖӨБ органдарынын бардык мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө:**

- муниципалдык ассоциациялар же союздар менен ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун жана ЖӨБго тиешелүү болгон, мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде кабыл алынган башка чечимдерди милдеттүү түрдө макулдашуу механизмин мыйзамдар менен бекитүү;
- аймактардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоонун бирдиктүү системасын түзгөн мыйзамдарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу (учурдагы сунуштарды эске алуу менен).

**ЖӨБ органдарынын КР Жогорку Кеңеши менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө:**

- бюджет аралык мамилелерге тиешелүү маселелер боюнча Жогорку Кеңештин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин макулдашуу жыйынынын өзгөчө протоколу;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Өкмөтүнүн тигил же бул чечимдери жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө, ошондой эле ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын – жергиликтүү кеңештердин иш сапатына тийгизген таасирине байланышкан маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын ассоциацияларынын жана Союзунун Жогорку Кеңештин алдында милдеттүү түрдө жылдык доклад жасоосун киргизүү;
- мыйзам долбоорлорун кароодо ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын бирдиктүү пикирин эске алуунун механизми (мыйзам долбоорлорунун региондорду өнүктүрүүгө таасирин баалоо; ЖӨБнун Жогорку Кеңештеги өкүлү; Жогорку Кеңештеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча өзүнчө комитети ж.б.);
- Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларына шилтемеси бар жергиликтүү өз алдынча башкарууга байланыштуу мыйзам долбоорлоруна, бул мыйзам долбоорлоруна тийешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору менен бир пакетте каралуусу тууралуу талап.

**ЖӨБ органдарынын КР Президенти менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө:**

- КРнын жергиликтүү жамааттарынын абалы жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын жөндөмдүүлүгү жөнүндө жылдык доклад;
- КР Президентинин ЖӨБ органдарынын менен үзгүлтүксүз жолугушуусу (мүмкүнчүлүгүн карап көрүү).

**ЖӨБ органдарынын КР Өкмөтү менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө:**

- жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү жана ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугу маселелери боюнча туруктуу ведомстволор аралык комиссияны же КР Өкмөтүнүн кеңешин түзүү;



- Бюджет аралык мамилелер маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдашуу жыйынынын өзгөчө протоколу. Бул протокол бюджет долбоорун КР Жогорку Кеңешине бергенге чейин бюджет аралык мамилелерге карата пайда болгон бардык кайчы пикирлерди жоюшу керек;
- региондорду өнүктүрүү программасы шаарларга гана эмес, башка өнүгүү дараметине ээ болгон аймактар үчүн да тийешелүү.

Форумдун катышуучулары КР Жогорку Кеңешине, КР Президентине жана КР Өкмөтүнө жогоруда сунушталган механизмдерди актуалдаштыруу жана ишке берүү сунушу менен кайрылат. Ошондой эле төмөнкүлөрдү да сунуштайт:

- бул механизмдерди деталдуу түрдө карап чыгып, аны ишке киргизүү үчүн тийиштүү мамлекеттик башкаруу органдарына караштуу жумушчу топторду түзүү;
- аталган механизмдерди мамлекеттик башкаруунун практикасына киргизүү үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актылардын тийиштүү долбоорлорун жумушчу топтордун күчү менен иштеп чыгуу.

Бул Резолюция 2018-жылдын 3-июлунда “Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу” Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Форумунун (мындан ары – ЖӨБ) катышуучулары тарабынан кабыл алынды. Добуш берүү учурунда отурган форумдун катышуу чуларынын баары резолюцияны колдоп добуш беришти. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жазып алынды жана муну протоколдук топтун атынан Форумдун уюштуруучулары тастыкташат. Протоколдук топтун курамында:

*В. ИСАЛИЕВА, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин өкүлү;*

*Н. КОЖОШЕВА, “КР Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын союзу” ЮЖБ өкүлү;*

*Н. КУМУШБЕКОВ, “Өнүктүрүү саясат институту” Мекемесинин өкүлү* кирген протоколдук топтун атынан Форумдун уюштуруучулары тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын жазып алышкан жана тастыкташат.

# Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун азыркы абалы: жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүдө административдик мүмкүнчүлүктөр жана чакырыктар



“Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу” Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Форуму үчүн доклад
2018-жылдын 3-июлу, Бишкек шаары

Баяндамачы – ***АЛЫМКУЛОВ Э. А.,***
***КР ЖӨБ Союзунун Башкаруу төрагасы, Нарын шаарынын мэри***

Регионалдык өнүгүү саясатын ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жетиштүү потенциал жана административдик мүмкүнчүлүктөр зарыл. Буларды мамлекеттин катышуусу жана колдоосу болмоюнча камсыз кылуу мүмкүн эмес. Бул баяндама биргелешкен аракеттер – ЖӨБ органдарынын өз күчү жана мамлекеттин күчү менен чечилиши керек болгон негизги чакырыктарга арналат.

### Чакырык: иретке салынбаган мыйзамдар

Органдардын административдик иши үчүн мыйзам чыгаруучу чөйрө экстремалдык мүнөзгө ээ. Күнүмдүк ишинде ЖӨБ органдары 120 ченемдик укуктук актыны колдонмого алышы керек: ЖӨБОнун ыйгарым укуктары көрсөтүлгөн, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө мыйзамдарга шайкеш келтирилген ченемдик укуктук актылар – 36 аталышта; ЖӨБОнун ыйгарым укуктары көрсөтүлгөн башка ченемдик укуктук актылар – 84 аталышта. Бул ченемдик укуктук актылар мамлекеттик башкаруунун жана жөнгө салуунун бардык чөйрөлөрүндө ЖӨБ органдарына милдеттерди жүктөйт. Ал чөйрөлөр:

- шайлоо системасы жана мамлекеттик чек араны коргоо;
- бизнес, өнөр жай жана өндүрүш; саламаттык сактоо;
- жер казынасын пайдалануу, айыл чарба жана жер маселелери;
- маданият, билим берүү жана адам укуктары;
- статистика жана нотариат;
- шаар куруу, архитектура жана транспорт;
- соода, салыктар жана финансы;
- күч түзүмдөрү жана өзгөчө кырдаалдар;
- үй-бүлө, балдар, эмгек жана миграция;
- дене тарбия, спорт жана жаштар;
- экология жана аңчылык.

ЖӨБ органдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актылар көп болгондуктан, ЖӨБ органдары өз ишинде мыйзамдарга таянбайт. Себеби ал мыйзамдардын баарын бир маалда колдонуу мүмкүн эмес. ЖӨБ органдарынын ишине тиешелүү мыйзамдарды иретке келтирүү зарыл.

### Чакырык: Кадр потенциалы жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү

ЖӨБ органдарынын түзүмүн жана штаттык санын аныктоонун учурдагы системасы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптерине шайкеш келбейт. Бул принциптерге ылайык, дагы да жалпы мыйзам чыгаруучу жоболорго зыян келтирбестен жергиликтүү бийлик органдары жергиликтүү муктаждыктарга жооп берип, эффективдүү башкарууну камсыз кыла тургандай өзүнүн ички административдик түзүмүн өздөрү аныктоого мүмкүнчүлүк берилиши керек[1].

Бул көйгөйдү чечүү үчүн мыйзамдарда зарыл болгон шарттар белгиленген. Бирок иш жүзүндө ЖӨБдүн аткаруу органдарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын Өкмөт аныктайт. Бул туура, себеби Өкмөт мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын штаттык санынын жана маянасынын чегин көзөмөлдөөнү өзүндө калтырышы керек: мамлекет бюрократиялык аппараттын эч көзөмөлсүз көбөйүшүнө жол бере албайт. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди өз аппаратынын күчү менен чечип жаткан соң жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын түзүмүн да, анын штаттык санын да ЖӨБ органы өзү аныктоого тийиш.

[1] Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европа Хартиясынын 6-беренеси.

Бүгүнкү күндө ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин саны ЖӨБ органдарынын кошумча функциялары жана ыйгарым укуктары, аймактын борбордук шаарларга же район борборлоруна алыстыгы же жакындыгы ж.б. өңдүү функционалдык милдеттери боюнча эмес, бир гана критерий – муниципалитеттеги калктын саны боюнча белгиленген.

Бирок, дагы бир нерсени кошумчалай кетүү абзел: учурда ЖӨБ органдары аларга зарыл болгон штаттык ырааттаманын структурасын анык-тай албайт, себеби, алардын ыйгарым укуктары айкын эмес. Мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнүн так механизминин (ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү) жоктугу жана ЖӨБ органдарынын функциялары менен милдеттеринин толук тизмесинин жоктугу ЖӨБ органдарындагы ички башкарууга түз таасирин тийгизип жатат.

Көптөгөн маселелер боюнча мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү аягы көрүнбөгөн кат алышууларга барып такалат, мындай байланыш реалдуу жыйынтыктарга алып келбейт. Айталы, ар бир жумушчу күнү ар бир айыл өкмөтү дээрлик үч каттан алып турат жана жооп кайтарып, 2,5 кат жазат. Штатта 7-12 киши болсо, квалификациянын деңгээли төмөн болгон чакта каттардын мынчалык көлөмү сапаттуу иштетилбейт жана анализденбейт, толук жана канааттандырган жооптор даярдалбай турганы түшүнүктүү. Ошону менен бирге ЖӨБ органдарына келген каттардын жана кайрылуулардын басымдуу бөлүгү жарандардан эмес, мамлекеттик органдардан жана башка уюмдардан түшөт. Атүгүл, электрондук иш кагаздарын жүгүртүү түрүндө электрондук башкаруу да өтө жай киргизилип жатат. Ал эми сейрек учурларды эске албаганда, ЖӨБ органдары ишти кагаз форматында улантууда.

ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүүдөн көп нерсе көз каранды. Бул маселени чечүү менен ЖӨБ органдары үчүн штаттык кызматкерлердин чындап зарыл болгон санын көрө алабыз. Бул болсо алардын ишин илгерилетип, жергиликтүү бюджеттерди теңдештирүүнүн зарыл болгон көлөмүн же анын киреше потенциалын жогорулатууга болгон муктаждыкты көрсөтүп берет.

### Чакырык: Жалпысынан өлкөдө бирдиктүү пландоо системасынын жоктугу

Жергиликтүү деңгээлде пландоонун регламенттеринин жана бекем системасынын жоктугу ички муниципалдык башкарууга да, жалпысынан өлкөдөгү башкарууга да олуттуу таасирин тийгизүүдө. Кыргыз Республикасында пландоо эки автономдуу циклге – мамлекеттик жана муниципалдык болуп бөлүнүп калган кырдаал түзүлдү.

Пландоонун бул циклдери (системалары) ортосунда байланыштын жоктугу көптөгөн көйгөйлөрдү жаратууда, алар жарандарга тикелей таасирин тийгизип жатат. Биринчиден, жергиликтүү жамааттарда жашаган жарандарда өз муктаждыктарын мамлекетке жеткирүү мүмкүнчүлүгү жок, алар өз муктаждыктары мамлекеттик программаларда чагылдырылганын көрө албай жатышат. Экинчиден, мамлекеттик (тармактык же тематикалык) программаларда жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде, үй-бүлөнүн жана жарандын керектөөлөрүнө жараша, жеринде ишке ашыруунун эффективдүү механизмдери жок. Натыйжада, мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечиш керек болгондо алсыздыкты мамлекеттик органдар да, ЖӨБ органдары да сезип турат. Бул болсо бийликтин туруктуу өнүгүүнү жана жашоо үчүн татыктуу шарттарды камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүнө карата калктын ишенбестигин жаратууда[1].

ЖӨБ органдары иштеп чыккан социалдык-экономикалык мүнөздөгү программалар формалдуу, үстүртөдөн даярдалган мүнөзгө ээ жана өткөн жылдагы программада жазылган иш-чараларды механикалык түрдө көчүрүп алуу жолу менен жасалат. Бюджеттик кодекс программалар жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрүнө негизделиши керек деген талапты киргизген. Бирок муну кантип жасаш керектигин көрсөткөн, жамааттын муктаждыктары эске алынганын далилдей алган деталдуу механизмдер мамлекеттик саясаттын деңгээлинде жок (анткен менен бир катар ЖӨБ органдары ушул өңдүү методикаларды колдонуп келүүдө).

Биздин катабыз: регионалдык өнүгүүнүн ыкмалары дегенде адатта финансылык салымды түшүнөбүз. Бирок бизге биринчи кезекте пландоо жана башкаруу системасы зарыл. Кыргыз Республикасында пландоонун бирдиктүү системасын киргизүү зарыл. Бул система өтмө маселелерди чечүүдө башкаруунун бардык деңгээлдерин байланыштырып турат.

### Чакырык: ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жергиликтүү кеңештер менен өз ара аракеттенүүсү

Жергиликтүү кеңештер менен ЖӨБдүн аткаруу органдары ортосундагы иште үндөштүк жок, алардын пландары автономдуу жана социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына негизделген эмес. Жергиликтүү кеңештердин жана анын туруктуу комиссияларынын типтүү иш пландарын методикалык колдонмолор менен кошо иштеп чыгуу зарыл. Бул колдонмолордо жергиликтүү кеңештин компетенциясына караган бардык маселелер топтолмок. Бул маселелер актуалдуулугун жана мезгилдүүлүгүн эске алуу менен сессиялар боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш. Ушундан улам ЖӨБдүн аткаруу органы да

[1] Пландоо системасындагы вертикалдык жана горизонталдык ажырымдар тууралуу кененирээк Макулдашылган регионалдык пландоонун концепциясынан көрө аласыз. Социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландоонун модели улуттук артыкчылыктарды Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары менен айкалыштыруунун принцибине негизделген. Өнүктүрүү саясат институту, 2016-жыл.

өзүнүн иш планын жергиликтүү кеңештин иш планын эсепке алуу менен түзүшү керек. Иштин ушундай үндөшкөн кыймылы отчет тапшырганда же алдына коюлган тапшырмаларды аткарганда ЖӨБдүн аткаруу органына ыңгайлуу болмок.

### Чакырык: Муниципалдык кызматты өтөө жана анын курамы

Муниципалдык кызматтардын басымдуу бөлүгүн орто курактан улуу, 35 жаштан жогору адамдар ээлейт. Жаштар муниципалдык кызматка барбай жатышат. ЖӨБ органдарында бир орунда кармалбаган кадрлардын агымы күч: 2016-жылы 24,0 пайыз, 2015-жылы 28 пайыз болгон. Түрдүү себептер боюнча бош турган кызматтардын ордуна иштөөгө байланыштуу көйгөйлөр пайда болууда. Конкурс өткөрүү менен дайындалчу кызматтарга коюлган квалификациялык талаптарды айыл өкмөтү типтүү талаптардын жана мыйзамдын негизинде аныктайт. Административдик кенже кызматтар үчүн иш стажына карата талаптар коюлбайт, билим берүү деңгээлине карата алсак: жогорку же орточо кесиптик билим каралган (муниципалдык кызматчылар үчүн төмөндөтүлгөн). Тестирлөө – конкурстун биринчи этабы. Андан соң практикалык тапшырмалар жана маектешүү каралган. Мамлекеттик кадр кызматы тестирлөөнү гана уюштурат жана конкурстук комиссиянын курамына кирбейт. Бирок бош турган кызматтарга татыктуу адамды дайындоодо көйгөйлөр бар экенин айыл өкмөттө баары мойнуна алышат. Айрым башчылар бул конкурска эч ким катышпай жатканын айтышса, башкалары талапкерлер тестирлөөдөн өтө албай жатканын ырасташат. Бул жерде муниципалдык кызматты өтөө системасын, анын ичинде муниципалдык кызматтын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, кызмат өтөө, конкурс өткөрүү жана тестирлөө системасын өркүндөтүү боюнча иштер жасалууга тийиш. Ошону менен бирге кызматка тең жеткиликтүүлүктү, кызматка кесипкөй жана квалификациялуу кызматчылардын өтүшүн камсыз кылуу зарыл.

## КР Жогорку Кеңешинин жана КР Өкмөтүнүн атынан мамлекет менен биргеликте чечиш керек болгон негизги чакырыктар

Жогоруда айтылгандардын жыйынтыгын чыгарып жатып, административдик мүмкүнчүлүктөргө карата ЖӨБ органдарынын алдында турган чакырыктарды дагы бир жолу формулировкалап алуу керек. Буларды ЖӨБ органдарынын жана КР Жогорку Кеңеши менен КР Өкмөтүнүн атынан мамлекеттин биргелешкен аракеттери менен чечсе болот.

### Иретке салынбаган мыйзамдар

ЖӨБ органдарынын ишине тиешелүү мыйзамдарды иретке келтирүү зарыл. Эң эле эффективдүү жолу – жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө кодексти иштеп чыгуу. Бул кодекс гильотина принциби боюнча калган мыйзамдардагы карама-каршылыктарды четтетет.

### Кадр потенциалы жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү

ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү процессин аягына чыгаруу үчүн күч-аракеттерди жумшоо зарыл. Бул маселени чечүү менен ЖӨБ органдары үчүн штаттык кызматкерлердин чындап зарыл болгон санын көрө алабыз. Бул болсо алардын ишин илгерилетип, жергиликтүү бюджеттерди теңдештирүүнүн зарыл болгон көлөмүн же анын киреше потенциалын жогорулатууга болгон муктаждыкты көрсөтүп берет.

### Жалпысынан өлкөдө пландоонун бирдиктүү системасынын жоктугу

Кыргыз Республикасында пландоонун бирдиктүү системасын киргизүү зарыл. Бул система өтмө маселелерди чечүүдө башкаруунун бардык деңгээлдерин байланыштырып турат. Пландоонун бул системасы аймактарды өнүктүрүүнүн өзөгү болушу керек. Пландоонун жаңы системасы региондорду түзүп, материалдык эмес жана экологиялык факторлорду эсепке алуу менен, мейкиндикти пландоонун, экономикалык географиянын принциптерине негизделиши керек.

### ЖӨБдүн аткаруу органдары менен жергиликтүү кеңештердин өз ара аракеттенүүсү

ЖӨБ органдарынын ички ишин, аткаруу органдары менен жергиликтүү кеңештердин өз ара аракеттенүүсүн так пландоону киргизүү зарыл. Өз ара аракеттенүүнүн катаал жол-жоболору эффективдүүлүктү жогорулатып, мэриялардын, айыл өкмөттөрдүн жергиликтүү кеңештер менен болгон оор мамилеси өңдүү көйгөйдү чечүүгө жардам берет.

### Муниципалдык кызмат өтөө жана анын курамы

Муниципалдык кызматка жаштарды тартуу боюнча стандарттан тышкаркы чаралар зарыл болуп турат. Мисалы, министрликтерде иштегиси келген талапкерлерди муниципалдык кызматчынын мектебинен өтүүгө милдеттендирсе болот – талапкер мэрияда же айыл өкмөтүндө үч жыл иштеши керек деген талапты киргизсе болот.

Өткөөл мезгилде бош орундарга дайындоодо муниципалдык кызматта дагы да ийкемдүү системаны киргизүү зарыл. Бул чаралар Мамлекеттик кадр кызматы менен биргеликте иштелип чыгып, жарандык кызматтын принциптерин бузбашы керек. Ошол эле маалда муниципалдык кызматта түзүлүп калган кырдаалдын өзгөчөлүктөрү да эсепке алынууга тийиш.

# Кыргыз Республикасында жергиликтүү бюджеттерди жетиштүү каржылабоо Кыргыз Республикасындагы аймактарды өнүктүрүүгө жана башкаруу системасынын туруктуулугуна бут тосууда

Баяндаманы Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын «Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу» форуму үчүн Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери ***ДОБРЕЦОВА Н., ТЮЛЮНДИЕВА Н, МАМЫТОВ А.*** даярдашты.


## Финансылык децентралдаштыруу ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди каржылоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган жок

Жергиликтүү бюджеттердин маалыматын финансылык гана көрсөткүч катары кабыл албоо керек. Финансылык жактан камсыз болуу жана өз алдынчалуулук жергиликтүү өз алдынча башкарууну децентралдаштыруунун жалпы таанылган үч мүнөздөмөсүнүн – саясий, административдик жана финансылык-экономикалык өз алдынчалуулуктун жарамдуулугунун ажырагыс мүнөздөмөсү болуп эсептелет. Ошондуктан жергиликтүү бюджеттердин анализи жалпысынан Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн, аларга Кыргыз Республикасынын Конституциясы берген аныктамага шайкеш келүү үчүн финансылык жактан канчалык өз алдынча экенин көрсөтүп турат. Башкача айтканда, жергиликтүү бюджеттердин абалы мамлекет өз саясатында Конституцияда жазылган максаттарына жетишүүгө канчалык умтуларын көрсөтүп турат. Эскерте кетсек, Конституцияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыгында жана өз жоопкерчилиги менен чечүүгө укугу жана реалдуу мүмкүнчүлүгү катары аныкталган. «Бул укук ишке ашып жатабы жана бул үчүн чыныгы мүмкүнчүлүк берилдиби?» деген суроого жергиликтүү бюджеттердин абалы жана бюджет аралык мамилелердеги тенденциялар жооп берет.


2010-2017-жылдар боюнча бюджет аралык мамилелердин 1-диаграммада келтирилген анализи жагымсыз тенденция бар экенин айгинелеп турат.

Республикалык бюджеттин кирешесинин өсүү темптерине салыштырганда жергиликтүү бюджеттердин кирешеси дээрлик өспөй жатат.

***1-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелер динамикасы, млрд сом менен***




***2-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттин (ЖБ) кирешелеринин ЖБ менен республикалык бюджеттеги үлүштөрү, жалпы жыйынтыгына пайыз менен катышы***




2011-2012-жылдары гана олуттуу көрүнүш байкалып, кийин үч жыл бою жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жалпы көлөмү төмөндөгөнү байкалды, бирок ошол эле учурда республикалык бюджеттин кирешеси туруктуу өсүп жатты. 2014-жылдан тарта жергиликтүү бюджеттердин көлөмүндө динамика дээрлик жок, бул иш жүзүндө инфляция жана өсүп

***3-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин өсүш темпи, 2016-жыл. (*АА – айылдык аймактар)***




жаткан милдеттенмелер шартында төмөндөөнү билдирет. Бул жергиликтүү маанидеги маселелер, анын ичинде инфраструктура боюнча оор финансылык милдеттенмелер да жетиштүү каржыланбай кала берүүдө дегенди туюндурат. Өнүгүү жактан алып караганда, бул ЖӨБ органдары инфраструктураны жакшыртууга жана бизнести өнүктүрүү үчүн шарт түзүүгө капиталдык салымдарды камсыз кыла албай жатканын көрсөтүп турат.

1-диаграммада көрсөтүлгөндөй, шаарлардын бюджетинин кирешесинин 3-катарда белгиленген өсүү темптери республикалык бюджеттин кирешесинин өсүү темптеринен гана эмес, жалпы эле жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин көбөйүү темптеринен артта калууда.

Эгерде жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин КР мамлекеттик бюджетинин кирешелериндеги салыштырмалуу көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн динамикасын анализдеп көрө турган болсок[1], абал андан да коркунучтуу экени байкалат. 2010-жылдан бери 2017-жылы гана жергиликтүү бюджеттердин үлүшү 1,5 процентке бир аз жогорулаганы сезилет. Калган жылдары жергиликтүү бюджеттердин үлүшү туруктуу төмөндөп жатты.

Абал мамлекет ЖӨБ органдарына өткөрүп берип жаткан ыйгарым укуктардын көлөмүн улам көбөйтүп, алардын аткарылышын каржылык жактан эч камсыздабай жатканынын фонунда мындан да кооптуу көрүнөт. Маселен, соңку эки жылда эле жергиликтүү маанидеги маселелердин саны 23төн 25ке өскөн.

Демек, мамлекет ЖӨБ органдарына ыйгарым укуктарды бул милдеттенмелердин аткарылышын финансылык жактан камсыз кылбай өткөрүп берип жатат. Мунун өлкө үчүн жалпысынан мааниси канчалык? Бул жалпы эл алдында алынган милдеттенмелер жана жалпыга көрсөтүлүүчү кызматтар аткарылган жок дегенди туюндурат, себеби ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилүүчү функциялар менен ыйгарым укуктар тиешелүү каржылоо болбосо ишке ашпасы түшүнүктүү.


## Шаардык бюджеттердин киреше бөлүгү

Шаарлардын жергиликтүү бюджетинин темптери 2017-жылы 2016-жылга салыштырганда 24% төмөндөгөн, ал эми айылдык ЖӨБдөрдө оң динамика байкалган — бюджеттердин кирешеси бир аз болсо да өскөн. Бул шаарлар экономикалык өнүгүүнүн локомотиви болушу керек деген идеяга коошпой турат.

Кирешелердин туруктуулугу жана божомолдонушу жагынан айылдардын жергиликтүү бюджеттери шаарларга караганда туруктуураак жана божомолдосо болот, себеби, бекитилген кирешелердин үлүшү шаарларда 23,1% болсо, аларда 36% түзөт. 2017-жылы шаарлардын республикалык бюджеттен көз карандылыгы өстү, анткени шаарлардагы максаттуу трансферттер көбөйдү (8,5 пайыздан 23,25 пайызга).

Мисалы, 2017-жылы шаардык бюджеттер жөнгө салынуучу кирешелердин эсебинен 53,7% калып-

***4-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелер структурасы айылдык жана шаардык ЖӨБдөрдүн алкагында***





[1] КР Бюджеттик кодексине ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттер КРнын мамлекеттик бюджетин түзөт.

танган, ал эми 2016-жылы бул көрсөткүч 71% түзгөн. Максаттуу трансферттердин каржылык ажырымдарды же кирешенин жергиликтүү бюджетке түшүп калуусун компенсациялоого көбөйүүсү дал ушул шаарлардагы жөнгө салынуучу кирешелердин сатуудан алынуучу салык түшүп калуусунан улам азайышы менен түшүндүрүлөт.

Сатуу салыгы боюнча абал бюджет аралык мамилелер саясатынын алсыздыгын көрсөтүп турат: жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин булактарынын бирин жок кылып, мамлекет ал булактын ордун толтуруу жагын эске алган эмес. Бизнестин кызыкчылыктарын канааттандырып, мамлекет муниципалитеттердин кызыкчылыктарын курмандыкка чалды.

***5-диаграмма. 2017-жылы шаарлардын бюджеттеринин туруктуулук рейтинги***




***1-таблица. 2017-жылы шаарлардын бюджеттеринин туруктуулук рейтинги***

| Кедей жана өз алдынча эмес шаарлар | Кедей жана өз алдынча шаарлар | | Бакубат жана өз алдынча эмес шаарлар | Бакубат жана өз алдынча шаарлар | |
|---|---|---|---|---|---|
| • Майлуу-Суу<br>• Көк-Жаңгак | • Кемин<br>• Талас<br>• Кара-Көл<br>• Кара-Суу<br>• Каракол<br>• Баткен<br>• Нарын<br>• Токтогул<br>• Исфана | • Токмок<br>• Шопоков<br>• Кербен<br>• Сүлүктү<br>• Токтогул<br>• Өзгөн<br>• Балыкчы<br>• Таш-**Кө**мүр<br>• Айдаркен | • Ош | • Орловка<br>• Бишкек<br>• Кант<br>• Чолпон-Ата<br>• Кайыңды<br>• Кадамжай | • Жалал-Абад<br>• Кара-Балта<br>• Кызыл-Кыя<br>• Кочкор-Ата<br>• Ноокат |

## Шаарлардын рейтинги жана алардын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү

Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар системасында, башка мамлекеттер сыяктуу эле, шаарлар өзгөчө орунду ээлейт жана алар өнүгүүнүн, ыңгайлуу шарт түзүүнүн, билим, инновациянын, илимий-техникалык прогресстин борбору болуп эсептелет. Бул миссиясын аткарып, экономиканын жана социумдун өнүгүүсү үчүн татыктуу шарт түзүп берүү үчүн шаарлар тиешелүү финансылык ресурстарга ээ болушу керек.

«КБ Стрелка»[1] шаардык экономика борборунун методологиясына таянуу менен баяндаманын авторлору шаарлардын байлыгын жана өз алдынчалуулугун же жергиликтүү маселелерди өз жоопкерчилигине алып чечүү мүмкүнчүлүгүн чагылдыруучу рейтингин түздү. Шаарлардын байлыгы жан башына киреше менен өлчөнөт, ал эми өз алдынчалуулугу – бюджеттин кирешесинин жалпы көлөмүндөгү трансферттердин үлүшү менен.

Жыйынтыгында Кыргызстандагы шаарлардын жарымынан бир аз көбүрөөгү (18) кедей, бирок салыштырмалуу өз алдынча шаарлар тобуна кирери белгилүү болду. Бул бюджеттин кирешеси өнүгүү үчүн жетишсиз, алар республикалык бюджеттен трансфертти аз алат же таптакыр албайт, бирок ошол эле учурда салыштырмалуу өз алдынча дегенди туюндурат.


Жакшы жаңылыгы, 10 шаар – Орловка, Бишкек, Кант, Чолпон-Ата, Кайыңды, Кадамжай, Жалал-Абад, Кара-Балта, Кызыл-Кыя, Кочкор-Ата жана Ноокат салыштырмалуу бакубат жана өз алдынча шаарлар тобунда экен жана аларда өнүгүү үчүн бюджеттик потенциал бар экени көрүнүп турат.

Эки шаар – Майлуу-Суу жана Көк-Жаңгак кедей жана өз алдынча эмес шаарлардын катарына кирип калышты жана алар өзүнүн бюджеттик потенциалын бекемдөө үчүн өкмөттүн абдан көңүл бурушун талап кылары анык.


Бай жана өз алдынча эмес шаарлардын ката-

[1] Байлык жана өз алдынчалык: шаардын бюджетин эмне туруктуу кылат. “Стрелка” ЖЧК шаар экономикасынын борбору. Төмөнкү сайттан тапса болот: http://citybudget.strelka-kb.com/

***6-диаграмма. 2017-жылы калктын жан башына кирешелер боюнча шаарлардын рейтинги (трансферттерсиз), сом менен***




***7-диаграмма. 2017-жылы элеттик ЖӨБдүн бюджеттеринин туруктуулук рейтинги***




си боюнча рейтинг келтирилген (трансферт-сиз), сом менен.

Анализ жүргүзгөндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик Аймактык саясат концепциясында келтирилген аймактык артыкчылыктарын эске алуу керек болчу. Өнүгүүнүн башаты болгон шаарлардын тизмесине кирген шаарлардын баары эле жетиштүү бюджеттик потенциалга ээ эмес. Алардын көбү өз алдынча, бирок өнүгүү башаты болчудай миссияны аткаруу үчүн жетиштүү бакубат эмес.

Мында шаардык бюджеттердин чыгашасынын функционалдык беренелери экономикалык маселелерге чыгымдар болгону алты гана шаардын – Бишкек, Ош, Каракол, Исфана, Кадамжай жана Жалал-Абаддын бюджетинин чыгаша бөлүгүндө бар экенин көрсөттү. Алардын арасынан Ош, Каракол жана Жалал-Абад гана экономикалык маселелерге олуттуураак сумма коротушат: Ош – дээрлик 11 пайыз, Каракол – 18 пайыз, Жалал-Абад – 25 пайыз. Пилоттук тизмедеги калган шаарларда бул көрсөткүч бюджеттин жалпы чыгашасынын 5 пайыздан ашпайт.

рына жалгыз гана Ош шаары кирген, башка шаарларды мамлекет алардын өзгөчөлүгүнө жана объективдүү потенциалына карабастан өнүктүрүү максатында каржылабайт. Авторлордун пикиринде, кедей шаарлар тобуна киргендер бакубат жана өз алдынча эместер катарына кирүүгө муктаж болуп жатканы айдан ачык байкалууда, башкача айтканда, аларга бюджет кирешесинин жан башына көлөмүн ылайыктуу деңгээлге жогорулатууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн мамлекеттик колдоо зарыл. 6-диаграммада шаарлардын жан башына кирешe-


## Айылдык ЖӨБдөрдүн рейтинги жана алардын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү

Айыл жергесинде Кыргызстандын калкынын көпчүлүк бөлүгү жашайт. Өнүгүү боюнча лидер деп шаарлар эсептелгени менен айылдык муниципалитеттердин бюджеттик камсыздалуусу ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маселелерди чечүүдөгү, жарандардын жашоо шартын жакшыртып, өнүгүү максаттарын ишке ашыруудагы мүмкүнчүлүктөрүнүн жал-

пы деңгээлин айгинелеп турат. Айылдык ЖӨБдөр рейтингин түзүү үчүн эки көрсөткүч салыштырылды – байлык жана өз алдынчалуулук.

Шаарларга караганда айылдар кедейирээк экени белгилүү, бирок мунун себеби бар, анткени шаарларда инфраструктура жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көптүгүн салыштырып болбойт. Айылдык ЖӨБдөрдө жан башына орточо киреше трансферттерди эсепке албаганда (минимум менен максимумдун ортосунда) 2017-жылы 1626 сомду түзсө, шаарларда бул көрсөткүч 3083 сомду түзөт же дээрлик 90 процентке көбүрөөк. 7-диаграммада көрүнүп тургандай, 40 райондун 27 си кедей жана өз алдынча эмес.

***8-диаграмма. 2017-жылы калктын жан башына элеттик ЖӨБдүн чыгашалары боюнча райондордун рейтинги (трансферттерди эсепке алганда), сом менен***




Салыштырмалуу бай жана өз алдынчалардын катарына эки гана районду кошсо болот – Кемин жана Чаткал. Бирок алардын лидерлиги убактылуу гана мүнөзгө ээ, анткени, тоо-кен ишканаларынан түшкөн бир жолку салымдан гана ошондой болушу ыктымал.

Аламүдүн, Ысык-Көл, Жети-Өгүз, Панфилов, Сокулук жана Москва сыяктуу экономикалык жактан күчтүү райондордун абалы суроо жаратууда. Бул райондор чынында жакшы экономикалык потенциалга ээ жана ИДПга бир далай салып кошот, анткен менен алар баары өз алдынча, бирок кедей категориясына кирип калды. Биздин оюбузча, бул мамлекет салык системасы жана бюджет аралык мамилелер аркылуу аталган райондордогу айылдардын ЖӨБдөрүнө активдүү өнүгүүгө жана инфраструктурасы менен жашоо шарттарын жакшыртууга салым жасоого мүмкүнчүлүк бербестен алардын киреше потенциалын тартып алууда дегенди билдирет. Баса, трансферттерди эске алган рейтинг бул райондордогу абалды анча деле өзгөртпөйт. Теңдештиргенден кийин да алар жан башына киреше жагынан лидерликте кала берет (8-диаграмма).

Мына бул рейтингдин контекстинде төмөнкүдөй тыянак чыгарса болот: Аймактарды өнүктүрүү максатында өкмөт өнүгө турган шаарларды гана эмес, өнүгүүнүн башаты болгон райондорду (өнүгүү райондору) да аныктап алып, андан кийин алар бай жана өз алдынча, аймактык өнүгүүнү өз алдынча ишке ашыра ала тургандардын катарына өтүшү үчүн аларга кирешенин көбүрөөк бөлүгүн калтырууну зарыл. Бул айылдарга бир нече жылдан кийин артынан жалпы облусту жана өлкөнү «жетелеп» кете турган өсүү жана өнүгүү райондорун калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.

Киреше потенциалы төмөн райондордо жайгашкан айылдык ЖӨБдөргө карата башкача саясат талап кылынууда. Мындай муниципалитеттер мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү трансферттерге баары бир муктаж боло берет, себеби мамлекет кызматтарга бардык жарандардын бирдей жеткиликтүүлүгүн кепилдейт, ошондуктан ЖӨБ органдары өз ишин жеке кирешесинин жетиштигине карабастан аткара алуусуна кам көрүшү керек. Бул – кайра өндүрүү аймактары, алар дайыма болгон жана боло берет.

Бул ЖӨБдөрдүн жергиликтүү бюджеттерине карата бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясатынын максаты аныкталышы керек. Бул максат өзүнө жергиликтүү маанидеги маселелерди кызмат көрсөтүүлөрдүн, анын ичинде муниципалдык инфраструктура кызматтарынын бирдей жеткиликтүүлүгүнө мамлекеттик кепилдиктерди аткарууга жетиштүү деңгээлде чечүүгө зарыл болгон минималдуу бюджеттик камсыздалгандыкка жетишүү үчүн теңдештирүү деген ойду камтышы ыктымал. Бирок анда ошол кызмат көрсөтүүлөрдүн стандартын аныктап, минималдуу бюджеттик камсыздалуунун деңгээлин эсептеп алуу зарыл болот. Ошондо мындай кайра өндүрүү райондору үчүн теңдештирүү формуласын иштеп чыгып, колдоно баштоо оңойюраак.

Ошентип, аймактарды ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн теңдештирүү системасын радикалдуу түрдө кайра карап чыгуу талап кылынат жана мында биринчи кадам теңдештирүү боюнча эки максатты аныктоо болуп калышы керек – өсүү жана өнүгүү райондоруна карата өнүктүрүү үчүн теңдөө жана кайра өндүрүү райондоруна карата конституциялык кепилдиктерди сактоо үчүн теңдөө. Экинчи кадам - муниципалитеттерди тигил же бул категорияга кошуу жана аларга карата теңдөөнүн жаңы формулаларын колдонуу. Бирок мунун баары тиешелүү социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына негизделиши жана социалдык жактан маанилүү багыттар менен тармактарды каржылоодогу ажырымды эске алышы керек экени маанилүү.

## Өнүгүүнүн социалдык жактан маанилүү маселелерин каржылоодогу айырмалар

Улуттун жана мамлекеттин жашап кетүү жөндөмдүүлүгү алардын өзүнүн бүтүндүгүн сактап калуу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бүтүндүк бе-

кем жана корголгон чек араларга гана эмес, ошондой эле ички биримдиктен, бардык жарандар үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдөн жана аймактарды тең салмактуу өнүктүрүүдөн да көз каранды. Бул жерде Кыргыз Республикасы бүтүндүк үчүн чоң тобокелдиктерге туш болууда. Ал тобокелдиктер кызмат көрсөтүүлөргө, өнүгүү жана жашоо деңгээли үчүн мүмкүнчүлүктөргө иш жүзүндө жете алуусунда аймактык айырмалар менен шартталган. Болгондо да сөз керектөөлөрдүн пирамидасынын чокусу, театрлар жана академиялар тууралуу эмес, бала бакча жана үйдүн ичиндеги суу түтүгү өңдүү маанилүү, базалык кызмат көрсөтүүлөр тууралуу болуп жатат. Айталы, Бишкекте каалагандай табитке жана капчыктын көлөмүнө жараша мектепке чейинки билим берүү мекемелерин тандап алса болот. Ал эми Лейлек районундагы 3000 адам жашаган Андарак айылында совет доорунда да, азыркы учурда да бала бакча такыр болгон эмес. Мындай айылда Кыргызстанда өтө көп. Мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги жана региондордун тең салмактуу өнүгүүсү азырынча камсыздалбай жатканы түшүнүктүү. Буга көптөгөн базалык кызмат көрсөтүүлөрдү жана маселелерди каржылоодо бюджеттен бөлүнгөн каражат чөйрөсү да себеп болууда. Бир макаланын же докладдын алкагында кызмат көрсөтүүлөрдүн бюджеттик каржылоо чөйрөлөрү боюнча кырдаалга анализ жасоо мүмкүн эмес. Ошондуктан айрымдарына гана токтололу.

Ошону менен бирге, бүтүндүк үчүн коркунуч жараткан чоң айырма деп эмнени эсептей турганыбызды, ал эми кайсынысы кадыресе жана качып кутулгус айырма болгонун түшүнө билүү маанилүү. Орусия Федерациясынын тажрыйбасына кайрылалы. Бул дүйнөдө аянты жагынан эң чоң өлкө жана муниципалитеттер ортосундагы айырмалар үчүн кадыресе себептер да өтө көп. Мисалы, Магаданда коомдук имараттарды жылытууга кеткен чыгашалар Краснодарга салыштырмалуу көп эсе болот. Ошондуктан логикага таянып айтсак, ТКЧга кеткен чыгашалар ортосундагы айырма чоң. Бирок Орусиянын шаарларынын бюджеттери жөнүндө маалыматтар көрсөткөндөй, шаардык бюджеттин түрдүү беренелерин каржылоодо айырма 10-12 эседен ашпайт. Ошондуктан бул айырманы уруксат берилген минимум катары алалы. Кыргызстан үчүн айырма азыраак болушу керек, себеби биздин өлкө чакан, компакттуу. Бирок кадыресе себептерден улам пайда болгон айырма 10-12 эседен ашпашы керек деп эсептейли.

## Турак жай-коммуналдык чарба жана кызмат көрсөтүүлөр


Калкка ТКЧ тармагында кызмат көрсөтүү жана турак жай-коммуналдык тейлөө – ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн жана жоопкерчилигинин салттуу негизге айланып калган маанилүү тармактарынын бири. Жалпысынан, бул тармак канчалык толук иштесе, шаар жана айылдардагы инфраструктура да ошого жараша болот. Бул инвестиция тартуу, чакан жана орто бизнести, социалдык чөйрөнүн динамикасын өнүктүрүүдөгү маанилүү шарттардын бири.

Өкмөт өнүгүүнүн башаты катары белгилеп алган шаарлардын тизмесиндеги жети шаарда: Каракол, Талас, Жалал-Абад, Исфана, Кербен, Өзгөн, Таш-Көмүрдө ТКЧ чыгымдары жан башына эсептегенде жетишсиз экени айдан ачык көрүнүп турат. Бул шаарларда негизги коммуналдык кызматтар жеткиликтүү эмес, бизнести өнүктүрүүгө жана инвесторлорду тартууга жетишсиз болушу ыктымал.


Рейтингди Айдаркен шаары жабат, бул жерде ТКЧ тармагында жан башына эч нерсе сарпталбайт, 2017-жылы ноль сом (!), ал эми 2016-жылы болгону 76 сом, ал эми лидерлер – Кайыңды, Кант жана Бишкек – 2016-жылы 40 эседен көп – орточо 3300 сомдон жогору сарпташкан.

ТКЧга сарпталуучу чыгашага карата жан ба-


*9-диаграмма. 2017-жылы калктын жан башына ТКЧга чыгашалар боюнча шаарлардын рейтинги, сом менен*




*10-диаграмма. 2017-жылы шаардын 1 чарчы метр аянтына ТКЧга чыгашалар боюнча шаарлардын рейтинги, сом менен*



***11-диаграмма. Шаарларды ТКЧны каржылоодо айырмалар***




шына эсеп кызыктуу, бирок каражаттын өнүгүүгө жетиштүүлүк жагынан аянттын чакырымы боюнча эсептөө маанилүүрөөк. Бул жагынан ТКЧга чыгымдар шаардын аянтынын бир чакырымына 2017-жылы 25 миң сомдон ашык каражатты түзгөн Бишкек шаары башкалардан абдан озуп кеткен (2016-жылы – 20 миңден ашуун). Исфана, Кочкор-Ата, Кант, Ноокат, Кербен, Өзгөн шаарлары өз аянтынын бир чакырымына Бишкекке караганда 2-3 эсе аз сарпташат. Дагы жети шаар өз аймагын Бишкек шаарына салыштырганда 5-10 эсе аз каражатка өнүктүрүүдө. Бирок мунун баары негиздемеси бар салыштырма гана көрсөткүчтөр. Бирок рейтингдеги 10 аутсайдер шаар Бишкекке караганда 59 эсе жана лидерлер тобунан 16 эсе аз короутуп жатышына негиздеме табуу кыйын. Лидерлер менен Майлуу-Суунун ортосундагы орточо көрсөткүчтөгү айырма 58 эсе болууда (ТКЧга таптакыр коротпогон Айдаркенди жана инфраструктурага инвестиция салуунун көлөмү жагынан өлкөдөгү бул сыяктуу башка көрсөткүчтөр менен салыштырылгыс Бишкек шаарын эске албаганда).

Ошентип, ТКЧ тармагын жергиликтүү бюджеттен каржылоого кеткен чыгымдар көрсөтүп тургандай, (11-диаграмманы караңыз) өлкөдө шаардык инфраструктурага тартылуучу инвстицияларга карата лидер шаарлар менен башка шаарлардын көпчүлүк бөлүгүнүн ортосунда өтө чоң ажырым бар, бул ажырым минималдуу чектен 6 эсе жогору. Албетте, мындай абал адамдардын ал жактан жашоо-шарты жакшыраак шаарларга көчүп кетүүсүн шарттоодо жана бизнести өнүктүрүүгө жол ачпайт.

Мындан да тең эмес абал айылдардагы ЖӨБдөрдө байкалууда. Эгер шаарлар арасынан Айдаркен гана ТКЧга чыгымдарын көрсөтпөй жаткан болсо, сегиз (!) райондогу айылдар, бюджеттик маалыматына караганда, мындай чыгымдарды жүргүзбөйт. Бир тургунга 66 сом болгон эң төмөнкү көрсөткүч Жумгал районунда, мында ТКЧ чыгашалары 2017-жылы мындай көрсөткүч бир адамга 1340 сомду түзгөн лидер Аламүдүн районуна караганда 20 эсе аз.


Анализдин жыйынтыгы төмөнкүдөй: 8 райондогу бир шаар жана 96 айылдык ЖӨБ (бул бардык айыл аймактарынын 20%дан ашыгы) ТКЧ тармагына же чыгым болбойт, же аны бюджетине жазбайт, бирок андай болушу ыктымал деле эмес. Шаардын инфраструктурасына инвестиция тартуу жагынан алып караганда, лидер шаарлар менен башка шаарлардын көпчүлүк бөлүгүнүн ортосунда өтө чоң – дээрлик 60 эсе – ажырым бар жана бул ажырым жол берилүүчү минимумдан 6 эсе ашык! ТКЧны каржылоо деңгээли боюнча “кедей” айылдар жана “кедей” шаарлар ортосунда ажырым 3,5 эсе, ал эми “кедей” айылдар менен “бакубат шаарлардын ортосунда, Бишкекти эске албаганда 67 эсе. Албетте, мындай абал адамдардын ал жактан жашоо-шарты жакшыраак шаарларга көчүп кетүүсүн шарттоодо жана бизнести өнүктүрүүгө жол ачпайт.

## Социалдык коргоо

Кыргызстанда жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүү системасы өнүккөн эмес, ал эми ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарында ошондой кызматтарды көрсөтүү укуктары жок. Бирок ошондой болсо да жергиликтүү бюджеттердин социалдык өнүгүүгө жана коргоого чыгымдары туруктуу өсүп жатат. Бул көпчүлүк аймактарда социалдык кызмат көрсөтүүлөр жоктугу, ЖӨБ органдары жергиликтүү тургундардын жана шарттардын басымы алдында мындай чыгашаларды көбөйтүп жаткандыгы менен түшүндүрүлөт, бирок ар бир конкреттүү муниципалитетте бул чыгымдардын структурасы менен багыты абдан эле айырмаланып турат.

КР шаарлары со-


***12-диаграмма. 2017-жылы калктын жан башына ТКЧга элеттик ЖӨБдөрдүн чыгашалары боюнча райондордун рейтинги, сом менен***



***13-диаграмма. 2017-жылы калктын жан башына социалдык коргоого чыгашалар боюнча шаарлардын рейтинги, сом менен***




***14-диаграмма. 2017-жылы калктын жан башына социалдык коргоого элеттик ЖӨБдүн чыгашалары боюнча райондордун рейтинги, сом менен***





циалдык коргоону каржылоо боюнча милдеттердин түрдүү көлөмүн аткарышат. Кээ бир жерлерде толук иштеген мекемелер жана мэриянын атайын бөлүмдөрү бар, кээ бир жактарда бир гана адис иштейт, ал эми айрым жерлерде бул функция таптакыр каржыланбайт. Шаарлар арасында социалдык коргоону каржылоо жагынан рейтингдин лидери, жан башына чыгаша 465 сомду түзгөн Нарын шаары менен, мисалы, мындай чыгаша болгону 17 сом же 27 эсе аз болгон Кара-Суу шаарынын ортосундагы олуттуу ажырым мына ушуну менен түшүндүрүлөт. Мындай ажырым муктаж адамдар үчүн теңсиз шарт түзгөн социалдык коргоонун бирдиктүү сасатынын жана системасынын жоктугун көрсөтүп турат. (12-диаграмманы караңыз.)

Кээ бир шаарлардын мэрияларында социалдык өнүгүүнү башкаруу жок, жергиликтүү бюджетте социалдык коргоого жана өнүгүүгө эч кандай чыгымдар каралган эмес. Бул шаарлардын калкын райондук социалдык башкармалыктар тейлейт, демек, бул шаарлардагы социалдык чыгымдар республикалык бюджеттен каржыланат. Башкача айтканда, түрдүү шаарларга карата социалдык коргоо жана социалдык өнүгүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын акыйкат эместиги даана байкалып турат.

Мындан да чоң айырма айылдык ЖӨБдөрдө социалдык коргоого чыгымдарды каржылоодо бар – Нарын районунун айыл аймактары мындай чыгымдарды Манас районунун айылдык ЖӨБдөрүнө караганда 80 эсе көп каржылайт. Ал эми шаарлар ортосунда айырма анчалык чоң эмес, ТКЧлардан айырмаланып, эки-үч эседен жогору эмес, бирок жалпысынан каржылоо суммалары аз эле. Бул бардык социалдык кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик маанидеги маселе экендиги менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан жергиликтүү бюджеттер мындай чыгымдарды ишке ашырууга укугу жок. Эгер мамлекет социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруп берсе мындай көйгөй жаралбайт эле, бирок, тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын 70% аймагында мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөр жок. Социалдык тейлөө борборлору, айрыкча мамлекеттик да, жергиликтүү да бюджеттен каржыланбаган айыл жергесинде жабылып жаткан учурлар көбөйгөнү тууралуу да унчукпай коюу мүмкүн эмес, себеби бул борборлор мамлекеттик кепилдиктерди аткарууда.

Демек, социалдык коргоону жергиликтүү бюджеттен каржылоо боюнча абал шаарлар ортосундагы акыйкатсыз бөлүштүрүү катары мүнөздөлүүдө. Себеби, алардын айрымдары башкаларга караганда каржылык милдеттенмелерди 20 эсе көп камсыздоодо. Мында жалпы өлкө боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөр системасы өнүккөн эмес, айыл жергесинде мындай кызматтар дээрлик жок жана бул шаар калкы менен айыл калкынын ортосунда социалдык

***15-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердин социалдык***



кызмат көрсөтүүлөргө жетүүдө теңсиздикти жаратууда.

### Эс алуу, маданият жана дин


ЖӨБ органдары өз жамааттарындагы эс алуу, маданият жана дин маселелери үчүн жооптуу. Анткен менен жергиликтүү бюджеттердин жалпы көлөмүндө бул чыгашалардын үлүшү өтө чоң эмес.

Маданият, дин жана эс алуу маселелерине өзгөчө көңүл бурган шаардыктар деп Кара-Балтанын тургундары табылды. Бул шаарда ушул максаттар үчүн жергиликтүү бюджеттин чыгашалары 2016-жылы калктын жан башына 687 сомду түзгөн. Лидер болгон Кара-Балта менен аутсайдерлер – бир шаардыкка жылына 7 сом гана сарптаган Кадамжай жана Токтогул ортосундагы айырма өтө чоң – дээрлик 100 эсе (2017-жылы 46 эсе болчу). Аутсайдерлердин тобуна негизинен Баткен, Жалал-Абад жана Ош облусунун райондук маанидеги шаарлары, ошондой эле Балыкчы жана Кемин шаарлары да кирээрин белгилей кетсе болот. Бишкек жана Ош маданиятты каржылоо маселелери боюнча лидер эместигин да белгилебей кетүүгө болбойт.

**16-диаграмма. Эс алууга, маданиятка жана динге чыгашалар боюнча шаарлардын рейтинги, 2017-жылы калктын жан башына сарпталган акча, сом менен**




**17-диаграмма. Элеттик ЖӨБдүн эс алууга, маданиятка жана динге чыгашалары боюнча райондордун рейтинги, 2017-жылы калктын жан башына, сом менен**




Канчалык таң калычтуу болбосун, бирок маданият жана бош убакытты эс алууга карата айырма элеттик ЖӨБдо шаарларга салыштырмалуу аз – шаардагы 100гө каршы 13 эсе гана. Маданият жана бош убакытты өткөрүү баарынан жакшы Кемин районунда каржыланат – айылдын ар бир жашоочусуна 359 сом туура келет. Бирок Кемин шаарынын өзү 172 сом менен аутсайдерлердин арасында.

## Аныкталган маанилүү фактылар

### Жергиликтүү маанидеги маселелерди жеткиликтүү каржылабоо

Инфраструктура боюнча оор финансылык милдеттенмелерди кошкондо, жергиликтүү маанидеги маселелер жеткиликтүү каржыланбай кала берүүдө. ЖӨБ органдары инфраструктураны жакшыртууда жана бизнес үчүн шарттарды түзүүдө капиталдык салымдарды камсыз кылууга жөндөмсүз. Бул болсо республикалык бюджеттин кирешелеринин өсүш темпине салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттин кирешелери дээрлик өспөгөнү менен тастыкталууда. 2014-жылдан тартып, жергиликтүү бюджеттердин көлөмүнүн динамикасы дээрлик байкалган эмес. Бул болсо инфляциянын жана улам көбөйгөн милдеттенмелердин шарттарында иш жүзүндө төмөндөө дегенди билдирет. Ошону менен бирге шаарлардын бюджеттеринин кирешесинин өсүш темпи республикалык бюджеттин кирешесинин өсүш темптеринен гана эмес, ошону менен бирге жалпысынан жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин өсүш темпинен да артта калууда. Айталы, 2017-жылы шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринин кирешелеринин өсүш темпи 2016-жылга салыштырмалуу 24 пайызга төмөндөгөн. Дагы бир далил – мамлекеттик бюджеттин кирешесинин жалпы көлөмүндө жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин үлүшү туруктуу төмөндөдү. Мамлекет ЖӨБ органдарына өткөрүп берилген ыйгарым укуктардын көлөмүн туруктуу көбөйтүп, аларды аткаруу үчүн эч кандай финансылык ресурстарды бекитип бербейт (акыркы эки жыл ичинде эле жергиликтүү маанидеги маселелердин саны 23төн 25ке көбөйдү). Бул болсо коомдук милдеттенмелердин бир бөлүгү аткарылбай, коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн бир бөлүгү жеткирилбей калганын билдирет. Анткени ЖӨБ органдарына эч кандай талаптагыдай каржылоосуз өткөрүлүп берилген функциялар жана ыйгарым укуктар жөн гана аткарылбай турганы айкын.

### Теңдештирүү системасы өнүгүүгө жана кызмат көрсөтүүгө багытталган эмес

Бюджет аралык саясатты жана бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүүнү жүзөгө ашыруу менен, мамлекет учурдагы абалды сактап калуу максатын көздөйт. Себеби, бардык трансферттер же муниципалитеттерди бюджеттик камсыздалгандыктын минималдуу зарыл деңгээлине “эптеп жеткирет”, же мыйзамдарга киргизилген

өзгөртүүлөрдүн кесепетинен кирешелердин түшүп калуусунун ордун толуктайт.

Кыргызстандын көпчүлүк шаарлары (23) кедей, бирок салыштырмалуу өз алдынча шаарлардын тобуна кирет. Бул демек, алардын бюджеттеринин кирешелери өнүгүү үчүн жетишсиз болгонун, алар республикалык бюджеттен трансферттерди аз алганын же такыр эле албаганын билдирет.

Бакубат жана өз алдынча эмес шаарлардын тобуна Ош шаары гана кирди. Бул болсо мамлекет Кыргызстандын башка шаарларынын өзгөчөлүктөрүнө жана объективдүү потенциалына карабастан, алардын өнүгүүсүн каржылабайт дегенди билдирет. Жакыр топко кирген айрым шаарлар аларды бакубат жана өз алдынча эмес шаарлардын тобуна которууга муктаж. Башкача айтканда, алар мамлекеттик колдоого муктаж болуп турушат. Ал эми бул колдоо бюджеттин жан башына кирешесинин деңгээлин алгылыктуу чоңдукка чейин көбөйтүүгө жол ачмак. Бул этап экономикалык потенциалды күчөтүп алуу үчүн зарыл, андан соң бул шаарлар бакубат жана өз алдынча калаалардын тобуна өтүп кетмек.

Аламүдүн, Ысык-Көл, Жети-Өгүз, Панфилов, Сокулук, Москва өңдүү экономикалык жактан күчтүү райондордун абалы суроо жаратууда. Бул райондор жакшы экономикалык потенциалга ээ жана ИДПга бир топ эле жакшы салым кошууда. Алардын баары өз алдынча болгону менен, кедейлердин категориясына кирип калган. Биздин баамыбызда, бул демек мамлекет салык системасы жана бюджет аралык мамилелер аркылуу бул райондордогу элеттик ЖӨБдөн болгон киреше потенциалын тартып алып, жигердүү өнүгүүгө жана инфраструктура менен жашоо шартты оңдоого салым кошууга жол бербей жатат.

Бул рейтингдин контекстинен алганда аймактарды өнүктүрүү мксатында өкмөт өнүгүүнүн башаты болгон шаарларды гана эмес, ушундай райондорду да (өнүгүү райондорун) аныкташы керек. Андан соң алар регионалдык өнүгүүнү өз алдынча жүзөгө ашырууга жөндөмдүү бакубат жана өз алдынчалардын категориясына өтүшү үчүн аларга кирешелердин олуттуу бөлүгүн калтырат деген тыянак келип чыгат. Бул болсо элеттик өнүгүү райондорун түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул райондор бир нече жылдан кийин облустардын жана жалпысынан өлкөнүн түйшүгүн көтөрө алышат.

Ийгиликтүү регионалдык өнүгүү үчүн теңдештирүү системасын кескин түрдө кайра карап чыгуу талап кылынат. Биринчи кадамы – теңдештирүүнүн эки максатын аныктоо – өнүгүүнүн башаты болгон райондорго карата өнүгүү үчүн теңдештирүү жана кайра өндүрүш райондоруна карата конституциялык кепилдиктерди сактоо үчүн теңдештирүү. Экинчи кадам – муниципалитеттерди тигил же бул категорияга кошуу жана аларга карата теңдештирүүнүн жаңы формулаларын колдонуу. Анткен менен, мунун баары тийиштүү социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына негизделип, ошондой эле социалдык жактан маанилүү багыттарды жана чөйрөлөрдү каржылоодо ажырымдарды эсепке алышы керек.

## “Шаарлар – өнүгүү башаты” концепциясын ишке ашыруу үчүн бюджет аралык мамилелер саясатын кайра карап чыгуу зарыл

Пилоттук шаарларды тандап алууда бюджеттик потенциал критерийлердин катарына кирген эмес. Бул болсо кайсы каражаттын эсебинен шаарлар өз миссиясын аткарат деген суроону жаратууда. Эгерде жалгыз үмүт жеке инвестицияларга артылса, анда аларды тартуу үчүн шарттарды түзүү зарыл. Бул демек инфраструктураны жана башка шарттарды жакшыртууга бюджеттик каражатты сарпташ керек дегенди билдирет. Бирок бул максаттар үчүн шаарлардын каражаты жетишсиз. КР Өкмөтү өнүгүү башаты катары аныктаган шаарлардын тобунда Кадамжай, Жалал-Абад, Кара-Балта жана Кочкор-Ата шаарлары гана жетиштүү бюджеттик потенциалга ээ. Ошону менен бирге шаарлардын пилоттук тизмесине кирген калган шаарлар өз алдынча, бирок өнүгүү башаты миссиясын аткара алгыдай ойдогудай бакубат эмес. Ошону менен бирге экономикалык маселелерге чыгашалар алты шаардын бюджетинин чыгаша бөлүгүндө гана бар. Алар: Бишкек, Ош, Каракол, Исфана, Кадамжай жана Жалал-Абад. Мамлекет шаарларга өнүгүү үчүн ресурстарды берүү аракетин көрүүдө. Бул үчүн дем берүүчү гранттар аркылуу жергиликтүү демилгелерге стимул берүү аспабын колдонууда. Жалпысынан 2017-жылы бул максаттарга республикалык бюджеттен 370 млн. сомдон ашуун каражат бөлүнгөн. Алардын ичинен шаарлар 7% көбүн же 26 млн. сомду[1] алышкан. Негизинен социалдык инфраструктура объекттери каржыланган, а бирок инженердик (коммуналдык) инфраструктураны көбөйтүү зарыл.

## Кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоодо аймактык тең эместик чоң

ТКЧ маселелерине чыгашалар аркылуу инфраструктураны жакшыртуу үчүн бюджеттик мүмкүнчүлүктөр шаарлар ортосундагы чоң ажырымды көрсөтүүдө: рейтингдеги 10 аутсайдер шаар Бишкекке салыштырмалуу 59 эсе аз жана лидер шааларга салыштырмалуу 16 эсе аз сарптайт. Орто маанидеги лидерлер менен Майлуу-Суу ортосундагы ажырым 58 эсе болду (ТКЧга эч нерсе коротпогон Айдаркенди жана инфраструктурага инвестициялардын көлөмүн өлкөдөгү башка ушундай көрсөткүчтөр менен салыштырууга болбой турган Бишкекти кошпогондо). Шаарлар арасында социалдык коргоо функцияларын каржылоо боюнча рейтингдеги лидер – мындай чыгаша калктын жан башына 465 сомду түзгөн Нарын шаары

[1] Авторлор аталган шаарлардын аймагында жасалган, республикалык бюджеттен капиталдык салымдар тууралуу маалыматтарды ала алышкан жок.

менен ушундай эле чыгаша 17 сомду түзгөн же 27 эсе аз болгон Кара-Суу шаары ортосунда чоң айырма байкалат. Мындай олуттуу тең эместик социалдык коргоонун бирдиктүү саясаты жана системасы жоктугунан, ага муктаж болгон адамдар үчүн тең эмес шарттар түзүлгөнүнөн кабар берет.

Шаардыктардын маданият, дин жана эс алуу маселелерине өтө көңүл бурган шаар Кара-Балта болду. Бирок лидер менен аутсайдер шаарлар – Кадамжай жана Токтогул ортосундагы айырма өтө чоң: дээрлик 100 эсе (2017-жылы 46 эсе болчу)! Аутсайдерлер тобуна негизинен Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарынын райондук маанидеги шаарлары киргени тынчсыздандырат. Себеби бул аймакта экстремизмдин таасири барган сайын күчөп жаткандыктан, маданиятты өнүктүрүүгө муктаждык өтө жогору. Бишкек жана Ош күтүүлөргө карабастан, маданиятты каржылоо маселелери боюнча лидер эместигин белгилебей коё албайбыз.

### Айлана-чөйрөнү коргоо жергиликтүү бюджеттерден каржыланбайт

Кыргызстанда "жашыл шаар" түшүнүгү жок. Себеби акыркы үч жылда бир дагы муниципалитет айлана-чөйрөнү коргоого байланышкан чыгашаларды каржылаган эмес.

### КР Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө сунуштар

- Өнүгүү райондору менен шаарлар үчүн жана кайра өндүрүү шаарлары үчүн бюджеттик камсыздоону теңдештирүү боюнча түрдүү максаттарды аныктоо.
- Теңдештирүү максатына жараша капиталдык салымдарды каржылоо схемасын өлкөнүн жана муниципалитеттердин кызыкчылыктарынын балансын эске алуу менен кайра карап чыгуу.
- Бюджеттик камсыздалгандык критерийлерин өнүгүүнүн башаты болгон шаарлар менен иштөөгө аларды кедейлер категориясынан чыгаруу максатында кошуу.
- Теңдештирүү максатына жараша жарандар жана бизнес үчүн маанилүү кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоодогу теңсиздикти кыскартуу чараларын кабыл алуу. (ТКЧ – дээрлик 60 эсе, социалдык коргоо – 27 эсе, маданият – 100 эсе).
- Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы райондук маанидеги шаарларда маданиятты жана элдин бош убактысын уюшту-рууну каржылоого өзгөчө көңүл буруу.
- Өсүштүн башатына карабастан эң кедей шаарлар - Өзгөн, Балыкчы, Таш-Көмүр, Айдаркен, Майлуу-Суу жана Көк-Жаңгакты жакырчылыктан чыгаруу боюнча чара көрүү.
- Комплекстүү пландоо системасын түзүү боюнча чараларды көрүү, анда мейкиндикти пландоо, социалдык-экономикалык пландоо жана бюджеттик камсыздалгандык фактору ортосундагы байланышты караштыруу зарыл.

# 2017-жылдагы бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси

***Азамат МАМЫТОВ,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун
жергиликтүү бюджеттер боюнча адиси

### Маселенин чоо-жайы

2015-жылдан тартып Чүй облусундагы муниципалитеттерде бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси (мындан ары – БАМИ) практикада колдонула баштады. БАМИ "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун (мындан ары – Долбоор) алкагында колдонулуп келатат. Аталган Долбоорду Швейцария Өкмөтү Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда. 2018-жылы бул демилгени Нарын жана Ош облустарында ишке ашыра башташты. Бул демилгени Долбоор "Айкын бюджет үчүн альянс" ЮЖБ менен биргеликте ишке ашырууда.

### БАМИ деген эмне?

Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары – ЖӨБ) айкындуулук жана калк алдындагы отчеттуулугунун деңгээлине мониторинг жана баалоо жүргүзүү аспабы. БАМИни баалоо үч багыт-индекс боюнча жүзөгө ашырылат:

- бюджеттик маалыматтардын/документтердин курамы, толуктугу жана көрсөтмөлүүлүгү;
- бюджеттик маалыматтын калк үчүн жеткиликтүү болушу;
- жарандардын бюджеттик процесске катышуусу.

БАМИни баалоо "Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары" аттуу практикалык окуу китебинин негизинде жүзөгө ашырылганын белгилей кетүү зарыл. Бул окуу китеби 2015-жылы

**Алынган баллдарга жараша ЖӨБ органдын бюджеттик айкындуулугунун деңгээлин төмөнкүчө мүнөздөсө болот:**

| Баллдар | Бюджеттин айкындуулугуна берилген ыктымал баа |
|---|---|
| 0-20 балл | Бюджеттин айкындуулугу канааттандырарлык эмес деңгээлде камсыздалган. Маалымат берилбейт же өтө аз берилет. Жарандар бюджеттик процесске тартылган эмес |
| 21-40 балл | Бюджеттин айкындуулугу канааттандырарлык деңгээлде камсыздалат. Минималдык маалымат берилет, жарандар бюджеттик процесске жетиштүү деңгээлде тартылган эмес |
| 41-60 балл | Бюджеттин айкындуулугу орточо деңгээлде камсыздалган. Маалымат толук эмес көлөмдө берилет, жарандар бюджеттик процесске тартылган, бирок туруктуу негизде эмес |
| 61-80 балл | Бюджеттин айкындуулугу жетиштүү деңгээлде камсыз кылынган, берилген маалыматтын көлөмү жетиштүү, жарандар бюджеттик процесске туруктуу негизде тартылган |
| 81-100 балл | Бюджет айкындуулугу жогорку деңгээлде камсыздалган, чоң көлөмдө маалымат берилет, жарандар бюджеттик процесске жигердүү катышууда |

КР Финансы министрлиги менен биргеликте Долбоордун колдоосу алдында иштелип чыккан.

## БАМИни Чүй облусунда өлчөөнүн жыйынтыктары

Индекс 2015-жылдан тартып Чүй облусунун 12 максаттуу муниципалитетинде өлчөнүп келүүдө. 2016-жылы демилгеге облустагы 8 айыл өкмөтү “контролдук” катары кошулушту. Индексти өлчөөдөн тышкары Чүй облусунун ЖӨБ органдарына диаграммаларды колдонуу менен бюджеттик маалыматты даярдоо, демилгелүү топторду тартуу, коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү ж.б. боюнча БАМИнин көрсөткүчтөрүн жакшыртуу жаатындагы консультациялар берилди. Жогоруда БАМИни өлчөөнүн жыйынтыктары тууралуу маалымат менен тааныштырабыз.

## Максаттуу муниципалитеттер


2017-жылы БАМИни өлчөөнүн жыйынтыктары боюнча Долбоордун 12 максаттуу муниципалитетинде 100 баллдын ичинен орточо 60 баллды түздү. Бул 2015-жылга салыштырмалуу 26 баллга көп болду дегенди билдирет (базалык баалоо – 34). 2017-жылы эң көп баллды Таш-Мойнок АА алды – 74 балл, экинчи орунда 71 балл менен Ак-Башат АА, ал эми үчүнчү орунда 69 балл менен Юрьевка АА турат.

Долбоор Чүй облусундагы максаттуу муниципалитеттер менен 2015-жылдын июнь айынан 2017-жылдын апрель айына чейин жигердүү иш алып барды. Долбоор республиканын башка облустарына өткөндөн кийин Чүй облусунун айрым муниципалитеттеринде, анын ичинде Кемин шаарында 2017-жылы БАМИни баалоодо 2016-жылга салыштырмалуу коомдук финансыны башкаруунун айкындуулук деңгээлинде төмөндөө байкалууда (53 балл). Бул болсо жарандардын катышуусу жана бюджеттик процесс тирүү организм болгону-

*1-диаграмма. Базалык баалоонун баллдарын 2017-жылдагы баллдар менен салыштыруу*



*2-диаграмма. Долбоордун Ош жана Нарын облустарындагы пилоттук муниципалитеттеринде БАМИни базалык баалоонун жыйынтыктары*




нан кабар берет. Муниципалитет интернет сайттарын, маалымат такталарын элге түшүнүктүү болгон тилде, зарыл маалыматтык материалдар менен туруктуу жаңылап турушу керек, коомдук бюджеттик угууларды өткөрүп, кайтарым байланышты камсыз кылып турууга тийиш. Бул критерийлерди толук аткарбай коюу айрым муниципалитеттерде БАМИнин баллдарына терс таасирин тийгизди. Чүй облусундагы максаттуу муниципалитеттерде айкындуулук индексинин маанисинин төмөндөшүнүн негизги себептеринин бири – көптөгөн ЖӨБ органдары 2018-жылдын бюджетинин долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрүшкөн эмес. Анткени Бюджеттик кодекске ылайык угууларды өткөрүү мөөнөтү тууралуу так маалымат болгон эмес. Бирок бул кемчиликти сөзсүз түрдө 2018-жылы оңдош керек!

## Максаттуу эмес муниципалитеттер

Аталган аспапты максаттуу муниципалитеттерде ийгиликтүү сынагандан кийин Долбоор “Айкын бюджет үчүн альянс” ЮЖБ менен биргеликте БАМИни Чүй облусунун 8 максаттуу эмес муниципалитетинде ишке ашыра баштаган. 2016-жылы БАМИни базалык баалоо өткөрүлгөн, натыйжада базалык баалоонун орточо баллы 35 болгон. Жыйынтыгында 2017-жылы БАМИнин орточо баллы 48 баллга же 136% өстү. 2017-жылы эң жогорку баллды Ак-Суу АА (69 балл) жана Он-Бир-Жылга АА (68 балл) алган. Бирок бул көрсөткүч менен чектелип кала берүүгө болбойт. Муниципалитеттер максималдуу упай алуу үчүн дагы көбүрөөк иштерди жасашы керек (1-диаграмманы караңыз).

## Нарын жана Ош облустарында БАМИни базалык баалоонун жыйынтыктары

2018-жылы Долбоордун алкагында Ош жана Нарын облустарынын 15 пилоттук муниципалитетинде аталган аспап колдонула баштаган. 2018-жылдын март айынан апрелге чейинки мезгилде “Айкын бюджет үчүн Альянстын” адистери БАМИнин базалык баалоосун өткөрүшкөн. Базалык баалоонун орточо баллы 30 болду. Бул Долбоордун Чүй облусундагы максаттуу муниципалитеттериндеги базалык баалоого салыштырмалуу эки баллга аз. Бир да муниципалитет мүмкүн болгон 100 баллдын ичинен 50 балл алган жок. Эң көп баллды Нарын облусунун Ак-Муз айыл өкмөтү (47 балл) алды. Экинчи орунда 38 балл менен Нарын облусунун Ак-Тал АА турат. 2-диаграмманы караңыз.

БАМИ боюнча төмөн баллдын негизги себептери төмөнкүлөр: биринчи индикатор боюнча – бюджеттик маалыматтын курамы, толуктугу жана көрсөтмөлүүлүгү. Бир дагы муниципалитетте долбоордун адистери калкка түшүнүктүү болгон тилде бюджет тууралуу маалыматты көрө алышкан эмес, папкага тиркелген бардык бюджеттик документтер райондук финансы бөлүмүнө жиберилчү отчеттор болуп чыккан. Бирок бул отчёттор айылдын карапайым жашоочусу үчүн түшүнүксүз. Экинчи индикатор боюнча – бюджеттик маалыматтын калк үчүн жеткиликтүү болгону. Муниципалитеттин маалымат тактасында инфографика менен көрсөтүлгөн бюджет тууралуу маалыматты, калктын маалыматка жеткиликтүүлүгү жөнүндө мыйзамдын негизги жоболору, мамлекеттик сатып алуулардын пландары жана жыйынтыктары тууралуу маалымат, инфографикасы бар бюджет боюнча буклет, Эсеп палатасынын акты жана жазма көрсөтмөлөрү болгон эмес. Үчүнчү индикатор – жарандардын бюджеттик процесске катышуусу боюнча коомдук бюджеттик угуулар туруктуу негизде өткөрүлбөй турганы аныкталган. Айыл өкмөттүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары коомдук угууларды кадимки чогулушка айландырып жиберишкен.

Ош жана Нарын облустарында бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексинин баллдарын жакшыртуу үчүн Долбоор жана муниципалитеттер көп иштерди жасашы керек. Калк үчүн түшүнүктүү тилде жарандык бюджеттерди иштеп чыгуу зарыл, жергиликтүү бюджеттер боюнча коомдук угуулар туруктуу негизде колдонулууга тийиш. Ошондой эле калк менен кайтарым байланыш жөнгө салынып, сайттар жана маалымат такталары керектүү жана түшүнүктүү материалдар менен туруктуу жаңыланып турушу керек.

# Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттери боюнча коомдук угууларды өткөрүүнүн усулдук колдонмосу

***КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 17-апрелиндеги № 44-П Буйругу менен бекитилген***

## Жалпы жоболор

1.1. Ушул усулдук колдонмо жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу этаптарында коомдук бюджеттик угууларды (мындан ары – КБУ) өткөрүү жолу менен жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышууга, жергиликтүү бюджеттин иш жүзүндө чыгымдалган каражаттары жөнүндө маалымат алууга жарандардын конституциялык укуктарын камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 127-беренесине ылайык иштелип чыкты.

1.2. Жергиликтүү бюджет айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү, аткарууну жана контролду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

1.3. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын бекитилген социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын негизинде иштеп чыгышат.

1.4. Ушул усулдук колдонмо КБУну даярдоонун жана өткөрүүнүн мөөнөттөрүн, тартибин аныктайт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (мындан ары – ЖӨБ органдары) колдонуу үчүн сунушталат.

## Коомдук бюджеттик угуулардын максаттары жана милдеттери

2.1. Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу боюнча КБУну өткөрүүнүн негизги максаты – жарандардын бюджеттик процесске катышуусун, анын ичинде бюджетти түзүүдө коомдук пикирди изилдөөнү, эсепке алууну камсыз кылуу, жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүүгө жана колдонууга коомдук мониторингди күчөтүү.

2.2. Жарандарды жана башка кызыкдар адамдарды бюджет жөнүндө маалымат менен тааныштыруу, калктын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен чечим кабыл алуу үчүн бюджет боюнча сунуштарды, пикирлерди жана сунуштамаларды чогултуу КБУнун милдеттерине кирет.

## Коомдук бюджеттик угуулардын негизги объекттери

3.1. КБУнун негизги объекттери болуп төмөнкүлөр саналат: жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору; бюджеттин аткарылышы тууралуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын отчётунун долбоору.

## Коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүнүн мөөнөттөрү

4.1. КБУ төмөнкүлөр боюнча өткөрүлөт:

- жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча, жыл сайын, жергиликтүү кеңеш жергиликтүү бюджеттин долбоорун жактырганга чейин, 25-августтан кеч эмес мөөнөттө;
- жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жөнүндө отчёттордун долбоорлору боюнча – отчёттук мезгилден кийинки жылдын 1-мартынан кеч эмес мөөнөттө.

## Коомдук бюджеттик угууларды уюштуруу жана өткөрүү

5.1. КБУну өткөрүү демилгесин ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү же аткаруу органдары көтөрөт.

5.2. КБУну өткөрүү жөнүндө чечимди ЖӨБдүн аткаруу же өкүлчүлүктүү органдары угуулар өткөнгө чейин 20 календардык күн мурда кабыл алышат.

5.3. КБУну өткөрүү демилгесин көтөргөн ЖӨБ органы угуулар өтчү күндү, убактысын, өтчү жерин аныктайт, жоопту адамдарды дайындайт же КБУну уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топту (мындан ары – жумушчу топ) түзөт. КБУну өткөрүүнү демилгелеген ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органы ЖӨБдүн аткаруу органына угууларды уюштурууга жана өткөрүүгө байланышкан маселелерди чечүүнү тапшырууга укуктуу.

5.4. КБУну өткөрүү жөнүндө жарыя угууларга 15 календардык күн калганда, КБУнун материалдары 10 календардык күн калганда жарыяланат.

5.5. КБУну өткөрүү планында иш-чаранын максаттары жана милдеттери аныкталат (ушул Усулдук

колдонмонун 1-тиркемесиндеги КБУну өткөрүүнүн Типтүү планын караңыз).

### Коомдук бюджеттик угуулардын катышуучулары

6.1. КБУга катышуу үчүн төмөнкүлөр чакырылат: жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, мекемелердин, уюмдардын өкүлдөрү, тийиштүү шаардын жана айылдык аймактын чегинде орун алган коомдук бирикмелердин, коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары жана башка кызыкдар жактар.

### Коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүгө материалдар

7.1. Угуулардын катышуучулары эффективдүү жана конструктивдүү диалог түзүү үчүн ЖӨБ органынын жооптуу адамдары (жумушчу топ) КБУнун материалдарын даярдашат.

7.2. ЖӨБ органынын жооптуу адамы/жумушчу топ маалымат өнөктүгүн өткөрүү үчүн материалды даярдайт. Маалыматтык материалдар болуп төмөнкүлөр эсептелинет: КБУну өткөрүү жөнүндө жарыя (ушул Усулдук колдонмого 2-тиркемедеги Типтүү жарыяны караңыз), журналисттер үчүн пресс-релиз, чакыруу билети, баннерлер, коомдук жайларда жайгаштыруу үчүн афишалар, ЖМКга кулактандыруулар жана башка материалдар.

КБУ үчүн материал катары бюджеттик документтин долбоорунун жөнөкөйлөштүрүлгөн версиясын (презентацияны, негизги параметрлер боюнча кыска маалыматты), диаграммалар, таблицалар, инфографика, сүрөттөр өңдүү кошумча иллюстрациялык материалды пайдалануу сунушталат. Алар угуулардын катышуучуларына бюджеттик маалыматты түшүнүүгө жардам берет.

7.3. Коомдук бюджеттик угууларга материалдар тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий веб-сайтында коомдук бюджеттик угуулар өткөнгө чейин 10 календардык күн мурда жарыяланышы керек. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий веб-сайты болбогон учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук угууларга материалдарды төмөнкүдөй жолдор менен жарыялай алат:

1) эл көрчү атайын жерлерде (такталарда, стенддерде);

2) ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдары менен аныкталган айылдык аймактын, шаардын, райондун, облустун аймагында кеңири жайылган, белгиленген тартипте каттоодон өткөн тийиштүү басылмаларда;

3) ЖӨБ органынын же жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тийиштүү облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын расмий веб-сайтында, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциацияларынын жана (же) жергиликтүү жамааттардын союздарынын расмий веб-сайттарында жарыяланат.

7.4. Жооптуу адамдар/жумушчу топ КБУнун программасын иштеп чыгышат, анда иш-чаранын максаттары жана милдеттери көрсөтүлөт, КБУну өткөрүү регламенти аныкталат (ушул Усулдук колдонмонун 3-тиркемесиндеги КБУнун Типтүү программасын караңыз).

7.5. Жергиликтүү бюджеттер боюнча КБУнун катышуучуларынан жазуу жүзүндөгү сунуштарды жана пикирлерди алуу максатында жарандардын сунуштары жана пикирлери үчүн бланк иштелип чыгат. Бланктар катышуучуларга каттоо маалында таратылып берилип, угуулардын соңунда толтурулган бланктар чогултулуп алынат (ушул Усулдук колдонмонун 4-тиркемесиндеги Сунуштар жана пикирлер үчүн Типтүү бланкты караңыз).

### Коомдук бюджеттик угуулар боюнча маалыматтык өнөктүк

8.1. Алдыда болчу КБУ (угууларды өткөргөнгө чейин) жана алардын жыйынтыктары (КБУ өткөндөн кийин) тууралуу маалыматты жайылтуу маалымат өнөктүктү өткөрүүнүн негизги максаты болуп эсептелинет.

8.2. КБУнун материалдары жеткиликтүү жана жөнөкөй формада баяндалат. Материалдарда иш-чаранын максатын, белгилүү бир финансылык мезгилге карата бюджеттик параметрлер, артыкчылыктар жана чечимдер, иш-чаранын программасы, күнү жана өтчү жери тууралуу маалыматты көрсөтүү сунушталат.

8.3. Жергиликтүү бюджеттер боюнча КБУну өткөргөнгө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен ЖӨБдүн аткаруу органы угуулардын катышуучуларына чакыруу жиберет же башка бир жол менен КБУга катышуу тууралуу кабарландырат.

8.4. КБУга бардык каалоочулар катыша алат жана чектөөлөр болбошу керек.

### КБУну өткөрүүнүн тартиби

9.1. КБУ башталганга чейин ЖӨБдүн аткаруучу органы катышуучуларды каттоону камсыз кылат, каттоо маалында угуулардын катышуучуларынын фамилиясы, аты, атасынын аты, иштеген жери жана алар менен байланышуу жолдору көрсөтүлөт. Каттоо маалында катышуучуларга КБУнун материалдары таратылса болот. ЖӨБдүн аткаруу органы КБУ катышуучуларын кошумча алдын ала каттоону уюштурууга укуктуу.

9.2. КБУну өткөрүү регламенти жана жазуу жүзүндө пикирлерди жана сунуштарды кабыл алуу эрежелери белгиленет. Программага ылайык, сөз ЖӨБ органынын өкүлүнө, баяндамачыларга берилет.

9.3. Баяндамачылар сөз сүйлөп бүткөндөн кийин алып баруучу угуулардын катышуучуларына регламентке ылайык сөз сүйлөөгө уруксат берет.

9.4. Угуулар өткөн күнү протокол жүргүзүү камсыздалып, жыйынтыктоочу документтер жолжоболоштурулат.

## КБУнун жыйынтыктары

10.1. КБУ өткөн күндөн тартып 7 жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө ЖӨБдүн аткаруу органы түшкөн сунуштарды жана сунуштамаларды карап чыгат. Зарыл болгон учурда жарандардан түшкөн сунуштарды жана пикирлерди эсепке алуу менен бюджеттин долбоору (жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу отчёттун долбоору) биротоло иштелип чыгат жана жергиликтүү кеңешке маалымат катары КБУнун протоколу менен кошо сунуштарды жана сунуштамаларды эсепке алуу жөнүндө маалымат берилет.

10.2. Жооптуу адам/жумушчу топ КБУнун катышуучуларына алардын сунуштарын карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу жооп жиберет.

10.3. Ушул Усулдук колдонмонун 5-тиркемесине ылайык иштелип чыккан КБУнун катышуучуларынан түшкөн сунуштарды кароонун жыйынтыктары жөнүндө жалпылаштырылган маалымат, КБУнун жыйынтыктары боюнча толук даярдалган бюджеттин долбоору же анын аткарылышы тууралуу отчёт ушул документтин 7.3-пунктуна ылайык КБУнун материалдарын жайгаштыруу үчүн колдонулган маалыматтарды жайгаштыруу үчүн пайдаланылган маалымат булактарында жайгаштыруу аркылуу жарыялануууга тийиш.

## 1-тиркеме. Коомдук бюджеттик угууларга даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча типтүү план

| № | Иш-чаралар | Болжолдуу мөөнөттөр | Жооптуу адам |
|---|---|---|---|
| 1. | КБУну уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү, милдеттерди бөлүштүрүү | КБУга 20 календардык күн калганда | Шаардын мэри, АӨ башчысы (жергиликтүү кеңештин төрагасы) |
| 2. | Иш-чаранын максаттарын жана тапшырмаларын аныктоону, КБУну өткөрүү регламентин, КБУ өтчү күндү жана жерин аныктоону кошуп, КБУнун программасын даярдоо | КБУга 15 календардык күн калганда | АӨ башчысы/шаар мэри менен макулдашуу боюнча жумушчу топ (жергиликтүү кеңештин төрагасы) |
| 3. | Документтерди, баяндамаларды жана презентацияларды программага ылайык даярдоо:<br>▪ Презентациялар<br>▪ Бюджеттик процесстин жөнөкөйлөштүрүлгөн версиясы | КБУга 12 календардык күн калганда | Жумушчу топ, баяндамачылар, ЖӨБ органынын жарандык бюджет үчүн жооптуу кызматкерлери |
| 4. | Төм. маалыматтык материалдарды даярдоо:<br>▪ Чакыруу барактары;<br>▪ Пресс-релиздер;<br>▪ Иллюстрациялык материалдар;<br>▪ Маалымат такталары;<br>▪ ЖМКга кулактандыруулар;<br>▪ жана башкалар. | КБУга 12 календардык күн калганда | Жумушчу топ, жооптуу адам |
| 5. | Сайтка жарыялоо жана маалыматтык материалдарды шаарда/айылда жайгаштыруу | КБУга 10 календардык күн калганда | Жумушчу топ, жооптуу адам |
| 6. | Чакыруу барактарын КБУнун катышуучуларына таратуу | КБУга 5 календардык күн калганда | Жумушчу топ, жооптуу адам, көчө, кварталдык комитеттер, айыл башчы |
| 7. | КБУ өтчү күнгө карата даярдык иштери:<br>▪ каттоо үчүн жер;<br>▪ президиум жана алып баруучулар үчүн жер;<br>▪ катышуучулар үчүн жер;<br>▪ протокол жүргүзүү үчүн жер<br>▪ микрофондор ж.б. | КБУга 1 календардык күн калганда | Жумушчу топ, жооптуу адам |
| 8. | Коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү | Коомдук бюджеттик угуулар өткөн күн | Шаар мэри/АӨ башчысы (жергиликтүү кеңештин төрагасы), жумушчу топ, ЖӨБ органынын аппарат кызматкерлери |
| 9. | Жыйынтыктоочу документтерди даярдоо | КБУдан кийин 7 жумушчу күндүн ичинде | Шаар мэри/АӨ башчысы (жергиликтүү кеңештин төрагасы), жумушчу топ |
| 10. | КБУнун жыйынтыктары боюнча маалыматты сайттарга жайгаштыруу (маалымат тактасына жайгаштыруу, кат жиберүү ж.б.) | КБУдан кийин 10 жумушчу күндүн ичинде | Жумушчу топ, жооптуу адам |

### 2-тиркеме. Типтүү жарыя

(күнү, айы, жылы) саат ___ _____-жылга бюджеттин долбоору боюнча коомдук угуулар өтөт.

КБУну өткөрүү максаты:
КБУнун милдеттери:
Өтчү жери:___________________
Өтчү убактысы: ___________________(дареги)

Бардык каалоочулар чакырылат. Сиз:
- бюджет тууралуу маалымат аласыз;
- ЖӨБ органы чечиши керек болгон артыкчылыктуу маселелер тууралуу өз пикириңизди билдире аласыз;
- сунуштарды жана пикирлерди бере аласыз;
- сизди кызыктырган суроолорду узата аласыз.

Материалдар менен төмөнкү дарек боюнча таанышсаңыз болот: ____________________

### 3-тиркеме. КБУнун типтүү программасы

Иш-чаранын уюштуруучусу:
Иш-чаранын максаты:
Иш-чаранын милдеттери:

| Убактысы | Иш-чаралар | Жооптуулар |
|---|---|---|
| | Катышуучуларды каттоо | Жумушчу топ |
| | Кириш сөз | ЖӨБ органынын өкүлү |
| | КБУнун күн тартибин, регламентин жана эрежелерин бекитүү, сунуштарды, пикирлерди жана суроолорду берүү тартибин макулдашуу | Алып баруучу |
| | Бюджет долбоору менен тааныштыруу | Баяндамачылар |
| | Сунуштар, суроолор жана жооптор | КБУнун катышуучулары |
| | Жыйынтык чыгаруу/башка маселелер | ЖӨБ органы |

### 4-тиркеме. Сунуштар жана пикирлер үчүн бланк

Бул баракка Сиз бюджет боюнча өз сунуштарыңызды, ой-пикириңизди жана суроолоруңузду жаза аласыз.
Аты-жөнүңүз: ___________________________________.
Дарегиңиз: ___________________________________.
Телефон номериңиз: ___________________________________.
Бюджеттин кирешелерин башкаруу боюнча Сиздин сунушуңуз:
_________________________________________________________________________________
____________________________________________________________.
Бюджеттин каражаттарын натыйжалуу чыгымдоо боюнча Сиздин сунуштарыңыз
_________________________________________________________________________________
____________________________________________________________.
Бюджет боюнча башка сунуштар.

### 5-тиркеме. КБУну өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча пикирлерди жана сунуштарды эсепке алуунун матрицасы

| № п/п | Ой-пикирлер, сунуштар, сунуштамалар | Ой-пикирдин (сунуштун) мазмуну | Сунушту карап чыгуунун жыйынтыгы (эске алынды/жүйө менен четке кагылды) |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

# Жарандар жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө баа берүүдө

***Медет СУЛТАМБАЕВ,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси

2015-жылдын июнь айында “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору Чүй облусундагы муниципалитеттер менен кызматташтыкты баштаган. Максаттуу муниципалитеттердин катарына 11 айылдык аймак жана бир шаар кирген.

Эки жыл бою адистерди жана жергиликтүү жамааттардын лидерлерин ЖӨБдүн мыйзам чыгаруучу негиздерине, жамааттын артыкчылыктарын аныктоонун жол-жоболоруна, бюджеттик процесске, жарандарды чечим кабыл алуу процессине катыштырууга, инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгууга жана ЖӨБ органдары менен калктын потенциалын жогорулатууга багытталган башка темаларга окутуу боюнча жигердүү иштер жасалды. Өзүнчө иштер ЖӨБ органдары менен биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун өз ара аракеттенүүсүнө арналды. Окуунун жүрүшүндө БМжБ топторунун мүчөлөрү өзүнүн ролу, укуктары тууралуу билип, гранттык долбоорлордун ишке ашырылышын, калктын бюджет жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүк деңгээлин, ЖӨБ органдарынын ишиндеги ачыктык жана айкындуулукту көзөмөлдөөгө катыша алышты. Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун жол-жобосуна өзгөчө көңүл буруу абзел. Эмесе, бул иштер кантип, качан жана эмне үчүн жасалды?

Жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо үчүн БМжБ топторунун мүчөлөрү кызмат көрсөтүүлөрдүн төрт түрүн тандап алышты. Ар бир кызмат көрсөтүү беш баллдык шкала менен бааланды. Мында: 1 – эң төмөн балл, ал эми 5 – эң жогорку балл. Ушуну менен бирге алты көрсөткүч баалоонун критерийлери болуп калышты. Алар: кызмат көрсөтүүнүн сапаты, баасы (наркы), мөөнөттөрү, маалымдуулук, кызмат көрсөтүүгө канааттануу, ошондой эле өз пикирин билдире алуу. Аймактардын жашоочулары респондент болушту, ар бир айылда бери дегенде 20 киши сурамжылоого тартылды. Ал эми айылдардын саны экиден ашпаган муниципалитеттерде кызмат көрсөтүүлөрдү 60тан кем эмес адам баалады.

Сурамжылоодо өзгөчө көп кезиккен кызмат көрсөтүүлөр төмөнкүлөр болду: мектепке чейинки билим берүү (бала бакчалар), ичүүчү, сугат сууну жеткирүү, ички жолдор, таштанды жыйноо жана чыгаруу, мектептеги билим берүү, спорт, калктын бош убакытты өткөрүүсү жана башка маселелер. Жалпы тизмедеги тигил же бул кызмат көрсөтүүнүн үлүшүн 1-диаграммадан көрө аласыз.

1-диаграммадагы маалыматтарга ылайык, кызмат көрсөтүүлөрдүн ичинен көп баа берилген катары биринчи орунда ичүүчү сууну берүү кызмат көрсөтүүсү турат – бардык кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы санынан 17% түзөт. Экинчи орунда ички жолдор – 16%, үчүнчү орунда көчөлөрдү жарыктандыруу – 14%, таштанды жыйноо жана чыгаруу 12% көрсөткүч менен төртүнчү орунда жана бешинчи орунда сугат суу – 11%. Калган кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү 1ден 6%га чейин болду.

Сурамжылоо жүргүзүү үчүн БМжБТ мүчөлөрү тандап алган кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүнө карабастан, алардын баарына кийинки баалоону жүргүзүүдө ошол эле кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алуу сунушталган. Себеби, бул иш-чаралардын негизги милдети баштапкы


***1-диаграмма. Максаттуу муниципалитеттердин жашоочулары баалаган кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы жыйындысында кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү***



базалык абалды гана билүү эмес, ошондой эле динамикага да көз салуу болду. Башкача айтканда, жергиликтүү жашоочулардын пикири боюнча, кызмат көрсөтүү канчалык жакшы же тескерисинче, начар жеткирилип жатканын билиш керек эле.

Бул үчүн БМжБТнын бардык мүчөлөрүнө баалоону жүргүзүү методикасы боюнча тренингдер жана семинарлар маалында жашоочулар арасында сурамжылоону жарым жылда бир жолудан кем эмес өткөрүп туруу сунушталды. Бул мезгил ичинде БМжБ топтору анкетанын жыйынтыктарын алып, аларды АӨ адистерине да, айылдык кеңештин депутаттарына да бериšти. Мындан тышкары, сурамжылоонун бардык жыйынтыктарын БМжБТ лидерлери бюджет маселелери боюнча айылдык чогулуштарда жана коомдук угууларды жашоочуларга жеткиришти.

***2-диаграмма. 2016-2017-жылдары кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун динамикасы***




Өткөн эки жыл ичинде БМжБТ мүчөлөрү кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо боюнча жалпы жонунан 4 сурамжылоо жүргүзүштү. Тагыраак айтканда, 2016-жылдын июнь жана июль айларында, андан соң ошол эле жылдын декабрь айында сурамжылоолор жүргүзүлдү. Үчүнчү жана төртүнчү баалоо кийинки жылы ошол эле мезгилде өткөрүлдү.

2-диаграммада 2016-2017-жылдары максаттуу муниципалитеттерде кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун динамикасы берилди. 2-диаграммада жалпысынан муниципалитет боюнча орточо көрсөткүчтөр берилген. Б.а. бардык кызмат көрсөтүүлөр жана баалоонун бардык критерийлери боюнча орточо балл берилди. Ошону менен бирге эң чоң секирик Гроздь айылдык аймагында байкалды. Бул ААда динамика 1,5 баллды түздү, ал эми Александровка ААда 1,05 балл болду. Эң аз айырма Бурана ААнын жыйынтыгында байкалат – 0,09 балл жана Кемин шаарында – 0,19 балл.

Ошону менен бирге, сурамжылоо жүргүзүлгөн бардык муниципалитеттерде орточо динамика оң болгонун белгилей кетүү зарыл. Мындан тышкары сурамжылоого кирген кызмат көрсөтүүлөрдүн көпчүлүгү ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын биргелешкен аракеттер планында да бар болуп чыкты. Бул пландар 2016-жылдын башында Долбоордун алкагында иштелип чыккан, андан соң 2017-жылдын башында кайрадан каралып чыккан. Планда муниципалитеттерде бар болгон тигил же бул артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган тапшырмалар жана иш-аракеттер чагылдырылган. Ошондой эле пландарда бул иш-аракеттер качан ишке ашырылаары көрсөтүлгөн мөөнөттөр да бар. Башкача айтканда, деталдуу план ЖӨБ органдарына жергиликтүү бийлик органдарынын компетенциясынын чегинде ААда көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртууга жардам берди.

Сурамжылоонун оң маалыматтарына карабастан, БМжБТ мүчөлөрү сурамжылоо жүргүзүүнүн жана маалыматтарды иштетүүнүн жол-жобосу башында күтүлүп жаткандай жөнөкөй болбогонун мойнуна алышты. Биринчиден, сурамжылоо убакытты талап кылды, БМжБТ мүчөлөрү айылдын жашоочуларын кыдырып чыгып, бул эмне болгонун жана кандай себептер менен жүргүзүлүп жатканын түшүндүрүп чыгышы керек эле. Экинчиден, маалыматтарды таблицада техникалык жактан иштетүү жана жыйынтыктарын чыгаруу активисттерге оңой болгон жок. Бирок жыйынтыктарды алгандан кийин да БМжБТ мүчөлөрү ЖӨБ органдарына да, жамаатка да жыйынтыктарды бериши керек эле. ЖӨБ органдары бул ишти энтузиазм менен кабыл албаса да, 2017-жылдагы баалоо маалында маалымат адекваттуу кабыл алынып, АӨ аппараты жана айылдык кеңештин депутаттары калк арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжалары менен тааныштырууну милдеттүү программанын бир бөлүгү катары кабылдашкан.

2018-жылдын жаз мезгилинде БМжБ топтору Ош жана Нарын облустарында ишин баштады. Топко 157 адам кирди, алардын ичинен 36% жашоочулар, ал эми 55%ын жергиликтүү жамааттын жигердүү мүчөлөрү түзөт. 2018-жылдын жай мезгилинен тартып бул облустардагы 15 аймактын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жана активисттери өз ишин баштайт. Топтор кызмат көрсөтүүлөрдү баалоого киришет, Долбоордун чакан гранттар программасынын фондунан бөлүнгөн инвестициялардын эсебинен аткарылган долбоорлордун ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө катышат, БАПтын ишке ашырылышына жана жамаат үчүн артыкчылыктуу болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү бюджеттен каражаттын бөлүнүшүнө көз салышат.



# Жергиликтүү маанидеги маселелерди (турак жай-коммуналдык чарба жана аймактарды көрктөндүрүү маселелерин) чечүү боюнча муниципалдык ишкананы түзүү тартиби

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юридикалык бөлүмү тарабынан даярдалды**

***ЖӨБ органы өзүнүн ыйгарым укуктарына байланышпаган коммерциялык ишканаларды түзүүгө укугу жок. Устаканаларды жана тигүү цехтерин, кафе, наабайканаларды жана башкаларды ачууга болбойт. Бул тууралуу "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 62-беренесинде түз айтылат: «Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар ЖӨБ органдарынын милдети болуп саналган кызмат көрсөтүүлөр үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт". Буга жараша ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн көп учурда турак жай-коммуналдык чарба жана аймактарды көрктөндүрүү маселелерин чечүү үчүн муниципалдык ишканаларды түзүүгө укуктуу.***

## 1. Укуктук негиздеме

КР Конституциясынын 110-беренесинде көрсөтүлгөндөй, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү. КР Конституциясынын 5-беренесине ылайык, мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт. "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык,

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти өз каалоосу боюнча сатып алат, ээлик кылат, пайдаланат жана тескей алышат.

КР Граждандык кодекси ЖӨБ органдарына муниципалдык ишкана формасында коммерциялык уюм болгон юридикалык жак түзүүгө жол берет (87, 227, 230-беренелер). Ошону менен бирге "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 62-беренеси ЖӨБ органдары өз милдеттерине кирген кызматтарды көрсөтүү үчүн муниципалдык ишканаларды түзө алат деген тактоо киргизген. Башкача айтканда, ЖӨБ органдары башка максаттарга, мисалы, түшүм жыйноо, ресторан, нан жабуу ж.б. өңдүү кызмат көрсөтүүлөр үчүн муниципалдык ишканаларды түзүүгө укугу жок.

Мындан тышкары, КР Граждандык кодексинин 84-беренесинин 1-бөлүгү муниципалдык жана мамлекеттик ишканалардын укукка жөндөмдүүлүгү чектелүү болгонун көрсөтүүдө. Алар коммерциялык уюмдардан айырмаланып, иш жүргүзүүнүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай түрүн ишке ашырууга зарыл болгон жарандык укуктарга жана милдеттерге ээ эмес.

Ошентип, жогоруда айтылгандай, ЖӨБ органдарынын укукка жөндөмдүүлүгү КР Конституциясы жана мыйзамдары менен аныкталган ыйгарым укуктар менен чектелген. Мунун натыйжасында, ЖӨБ органдары өзүнүн милдеттерине кирген кызматтарды көрсөтүү үчүн гана муниципалдык ишканаларды түзүүгө укуктуу. Муниципалдык ишканалардын укукка жөндөмдүүлүгү ЖӨБ органдарынын компетенциясынын чектери менен аныкталган жана аларга карата экинчи орунда турат. Муниципалдык ишканалар ЖӨБ органдарынын функцияларынын чегинде түзүлө албайт жана өз ишин жүзөгө ашыра албайт. Башкача айтканда, уюштуруучу катары ЖӨБдүн аткаруу органдары муниципалдык ишканаларга өзүнүн функциясынын алкагынан чыккан ишти жүзөгө ашырууга укук бере албайт. Башкаруу органы катары ЖӨБ органдары рынокту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт жана өз милдеттерине кирген кызматтарды көрсөткөн учурларды кошпогондо, рыноктун түздөн-түз катышуучусу катары чыга албайт.

КР мыйзамдарына ылайык, ЖӨБ органдары төмөнкүдөй кызматтарды көрсөтүү үчүн муниципалдык ишканаларды түзө алышат: калкты ичүүчү суу менен жабдуу, калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу, турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу, муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу, жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу ж.б. ("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-беренеси). Буга ылайык, ЖӨБ органы сатып алган мүлк жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн колдонулуп, ошондой максаттар үчүн гана зарыл болууга тийиш.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тышында коммерциялык иш менен алектенүүгө укугу барбы деген суроого "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 62-беренеси так жооп берет. Айталы, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 62-беренесинин 3-пунктуна ылайык, "Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган кызмат көрсөтүүлөр үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт".

Ошентип, ЖӨБ органдары аларга мыйзамдар менен берилген функцияларды аткаруу үчүн – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында гана муниципалдык ишканаларды жана муниципалдык мекемелерди түзүүгө укуктуу.

## 2. Муниципалдык ишкананы түзүүнүн уюштуруучулук бөлүгү

| № | Маселе | Иш-чара | Жыйынтык | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Муниципалдык ишкананы түзүүнүн финансы-экономикалык негизи | ЖӨБ органдарынын милдети болуп эсептелинген тийиштүү кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу, муниципалдык менчикти натыйжалуу пайдалануу максатында муниципалдык ишкананы түзүү үчүн негиздеме даярдоо | Негиздеме | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 2 | Жергиликтүү маанидеги маселе (маселелер) боюнча муниципалдык ишкананы түзүүнүн экономикалык максатка ылайыктуулугу | Экономикалык эсептөөлөр менен кошо анализ жүргүзүү | Муниципалдык ишкананы түзүү – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн жана калкка кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун эң оптималдуу ыкмасы муниципалдык ишкананы түзүү экени тууралуу тыянактар менен анализдин жыйынтыктары | ЖӨБдүн аткаруу органы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | ЖӨБдүн аткаруу органы тарабынан жергиликтүү маанидеги бир жана (же) бир нече маселе боюнча муниципалдык ишкана түзүү жөнүндө сунуштары иштеп чыгуу | Жергиликтүү кеңеш үчүн сунуштарды даярдоо | Сунуш | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 4 | Муниципалдык ишкананы түзүүнүн юридикалык бөлүгү | Муниципалдык ишкананын Уставынын долбоорун жана башка уюштуруу документтерин даярдоо | Уставдын долбоорлору жана башка уюштуруу документтери | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 5 | Муниципалдык ишкананы түзүүнүн финансылык бөлүгү (муниципалдык ишкананын сметасынын/ бюджетинин/ мүлкүнүн долбоорлору) | Сметанын/баланстын Долбоорун даярдоо | Сметанын/баланстын Долбоору | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 6 | Муниципалдык ишкананын кызмат көрсөтүүлөрүнүн укуктук жөнгө салынышы | Кызмат көрсөтүү жөнүндө Жобонун Долбоорун даярдоо | Жобонун Долбоору | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 7 | Муниципалдык ишкананы түзүү жөнүндө маселени жергиликтүү кеңештин сессиясына киргизүү | Документтерди жана материалдарды жергиликтүү кеңештин сессиясына кароо үчүн даярдоо | Документтер жана документтердин долбоорлору (Муниципалдык ишкананы түзүү жөнүндө сунуш, муниципалдык ишкананын Уставынын долбоору жана башка уюштуруу документтери, кызмат көрсөтүү жөнүндө Жобо) | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 8 | Муниципалдык ишкананы түзүү маселесин жергиликтүү кеңештин сессиясында талкуулоо жана чечим кабыл алуу | Жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорун даярдоо | Жергиликтүү кеңештин токтому | ЖӨБдүн аткаруу органы, шаардык кеңештин аппараты, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясы, жергиликтүү кеңеш |
| 9 | Жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү | Жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорун даярдоо | Жергиликтүү кеңештин токтому | ЖӨБдүн аткаруу органы, шаардык кеңештин аппараты, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясы, жергиликтүү кеңеш |
| 10 | Муниципалдык ишкананы юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо | Муниципалдык ишкананы мамлекеттик каттоодон өткөрүү, төмөнкүдөй зарыл документтерди тапшыруу:<br>- КР Өкмөтү бекиткен форма боюнча каттоо үчүн арыз;<br>- юридикалык жакты түзүү тууралуу уюштуруучунун – ЖӨБдүн аткаруу органынын чечими;<br>- ЖӨБдүн аткаруу органынын мамлекеттик каттоодон өткөнү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү | Муниципалдык ишкананы мамлекеттик каттоодон өткөрүү, каттоодон өткөнү жөнүндө күбөлүктү алуу | ЖӨБдүн аткаруу органы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11 | Муниципалдык менчикти (мүлктү) өткөрүп берүү тартиби | Муниципалдык менчикти (мүлктү) өткөрүп берүү тартиби жөнүндө Жобонун долбоорун даярдоо | Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому | ЖӨБдүн аткаруу органы, шаардык кеңештин аппараты, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясы, жергиликтүү кеңеш |
| 12 | Муниципалдык менчикти (мүлктү) муниципалдык ишканага өткөрүп берүү | ЖӨБдүн аткаруу органынын чечиминин долбоорун даярдоо | ЖӨБдүн аткаруу органынын чечими | ЖӨБдүн аткаруу органы |
| 13 | Муниципалдык ишкананын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер | Кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин долбоорун даярдоо | Кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому | ЖӨБдүн аткаруу органы, шаардык кеңештин аппараты, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясы, жергиликтүү кеңеш |

## Тиркеме: КР мыйзамдарынан үзүндүлөр:

### 1. Муниципалдык ишкананы түзүүнүн финансылык-экономикалык негиздери

***“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы:***

61-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык негизин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергиликтүү бюджеттерге бекитилген кирешелердин салыктык жана салыктык эмес булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, ссудалар жана башка финансылык ресурстар түзөт.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалуу кагаздар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагына өткөрүп берилген жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн алардын аймагынын чек араларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан пайдаланылуучу жерлер, жарандык укуктун башка объектилери, ошондой эле тиешелүү аймакта ишти жүзөгө ашыруучу ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

62-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу жана ыкчам чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле өз аймагынын чектеринде экономикалык өнүгүүнү стимулдаштыруу максатында муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын гана компетенциясына кирген ыйгарым укуктардан тышкары, белгилүү бир ыйгарым укуктарын муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле акцияларынын жарымынан көбү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон акционердик коомдорго өкүлдөп берүүгө укуктуу.

3. Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган кызмат көрсөтүүлөр үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт.

62-1-берене. Муниципалдык заказ

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга, муниципалдык заказды жүзөгө ашырууга жана ушул Мыйзамдын 18-беренесинде каралган башка ыйгарым укуктарды аткарууга укуктуу.

2. Муниципалдык заказ жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткарылышы мүмкүн. Муниципалдык заказды аткарууну өткөрүп берүү келишим боюнча жүргүзүлөт. Муниципалдык заказ жөнүндө келишим боюнча муниципалдык мүлктү өткөрүп берүү жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жүргүзүлөт.

3. Муниципалдык заказды каржылоо келишимдин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетинин же бюджеттен тышкары фонддорунун каражаттарынан жүзөгө ашырылат.

4. Тарифтерге көзөмөлдү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында сактап калган шартта, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкка монополиялык кызмат көрсөтүүлөр катары берилүүчү кызмат көрсөтүүлөргө (суу менен камсыз кылуу, канализация, жылуулук берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөр) болгон белгилүү бир ыйгарым укуктарды муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес мекемелерге, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

5. Муниципалдык заказдын субъектиси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө же болбосо мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте аныкталат.

## 2. Жергиликтүү маанидеги маселе (маселелер) боюнча муниципалдык ишкананы түзүүнүн экономикалык жактан максатка ылайыктуулугу

***2.1. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамы:***

41-берененин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, шаардын мэриясы шаардын тиричилик жактан камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, шаардыктарга социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүүнү уюштурат. 41-берененин 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, шаардын жерлерин жана муниципалдык менчиктин объекттерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аларды шаардык кеңеш бекиткенден кийин жүзөгө ашырат.

47-берененин 6-пунктуна ылайык, айыл өкмөтү турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгып, жүзөгө ашырат.

***2.2. "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамы:***

19-беренеге ылайык, жергиликтүү кеңеш муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин белгилейт, ошондой эле анын пайдаланылышына контроль жүргүзөт; муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитет.

19-беренеге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы муниципалдык менчикти башкарат жана тескейт; муниципалдык менчик объекттерине укук берүү тартибин кароочу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларынын, Менчиктештирүү программаларынын жана муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин аныктоочу дагы башка ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана жергиликтүү кеңештин кароосуна берет; муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди түзүүгө, иштешине, кайра уюштурууга жана жоюуга, ошондой эле муниципалдык менчиктеги акционердик коомдордун акцияларын башкарууга жетекчиликти, координацияны жана контролду жүзөгө ашырат; муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө менен байланышкан келишимдерди түзөт.

## 3. Муниципалдык ишкананы түзүүнүн юридикалык бөлүгү

***Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси:***

1. 85-берененин 2-бөлүгүнө ылайык, коммерциялык уюмдар катары саналган юридикалык жактар муниципалдык ишканалардын түрүндө түзүлө алат.

2. 87-берененин 4-бөлүгүнө ылайык, муниципалдык ишканалардын уюштуруу документтеринде юридикалык жактын ишмердигинин предмети жана максаты аныкталууга тийиш.

3. 227-берененин 2-бөлүгүнө ылайык, муниципалдык менчик жергиликтүү коомчулуктун казынасынан, ошондой эле жергиликтүү коомчулук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана башка юридикалык жактарга бекитилип берилген мүлктөн турат.

4. 227-берененин 4-бөлүгүнө ылайык, муниципалдык менчикте болгон мүлк муниципалдык ишканаларга чарба жүргүзүү же оперативдүү башкаруу укугунда, ал эми мекемелерге - оперативдүү башкаруу укугунда (230-жана 231-беренелер).

5. 230-берененин 1-бөлүгүнө ылайык, чарба жүргүзүү үчүн мүлккө ээлик укугу берилген муниципалдык ишкана ал мүлккө ээлик кылууну, пайдаланууну жана тескөөнү Граждандык кодексте белгиленген чектерде жүргүзөт.

6. 230-берененин 2-бөлүгүнө ылайык, чарба жүргүзүүдөгү мүлктүн ээси ишкана түзүү, анын ишинин затын жана максатын аныктоо, аны кайра уюштуруу жана жоюу маселелерин мыйзамга ылайык чечет, директорду (ишкананын жетекчисин) дайындайт, ишканага таандык мүлктүн максатка ылайык пайдаланылышын жана сакталышын көзөмөлдөйт. Менчик ээси өзү түзгөн ишкананын чарба жүргүзүүсүндөгү мүлктү пайдалануудан түшкөн пайдадан бир бөлүгүн алууга укуктуу.

7. 230-берененин 3-бөлүгүнө ылайык, ишкана чарба жүргүзүү укугунда өзүнө таандык кыймылсыз мүлктү менчик ээсинин макулдугусуз сатууга, аны ижарага, күрөөгө берүүгө, чарбалык шериктештиктердин жана коомдордун уставдык капиталына салым (пай) түрүндө кошууга же башка ыкма менен башкарууга укуксуз. Ишканага таандык чарба

жүргүзүү укугундагы калган мүлктөрдү ал, мыйзамдарда каралгандан башка учурларда өз алдынча башкарат.

### 4. Муниципалдык ишкананы түзүүнүн финансылык бөлүгү (муниципалдык ишкананын сметасынын бюджетинин долбоору)

***Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси:***

1. 83-berenenin 1-бөлүгүнө ылайык, менчигинде, чарба жүргүзүүсүндө же оперативдүү башкаруусунда өзгөчөлөнгөн мүлкү бар жана өзүнүн милдеттенмелери боюнча ал мүлкү менен жооп берген, өз атынан ушул мүлккө байланышкан жана мүлккө байланышпаган жеке укуктарга жана милдеттенмелерге ээ боло алуучу жана ишке ашыруучу, сотто доочу жана жоопкер катары да чыга алуучу уюм юридикалык жак катары таанылат. Юридикалык жактын өз алдынча балансы же сметасы болууга тийиш.

2. 231-берененин 3-бөлүгүнө ылайык, мекеме өзүнө бекитилген мүлктү жана ага смета боюнча бөлүнүп берилген каражаттын эсебинен сатылып алынган мүлктү, ошол мүлктүн менчик ээсинин макулдугу боюнча гана ажыратып алууга же башка жол менен тескөөгө укуктуу. Ошол мекеменин кирешесин бөлүштүрүү тартиби анын мүлкүнүн менчик ээси тарабынан аныкталат. Эгерде уюштуруу документтерине ылайык мекемеге киреше берүүчү иш жүргүзүү укугу берилсе, анда мындай иш жүргүзүүдөн түшкөн киреше жана ошол кирешенин эсебинен сатылып алынган мүлк мекеменин өз алдынча башкаруусуна алынат жана өзүнчө баланстагы эсепте болот.

### 5. Муниципалдык ишкананын кызмат көрсөтүүсүнүн укуктук жактан жөнгө салынышы

***“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы:***

31-берененин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин белгилөө маселеси чечилет.

### 6. Жергиликтүү кеңештин сессиясында муниципалдык ишкананы түзүү жөнүндө талкуулоо жана чечим кабыл алуу

***“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы:***

31-берененин 2-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануунун жана ага ээлик кылуунун тартибин аныктоо, анын ичинде муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен аныктоо, муниципалдык менчиктин пайдаланышына контролду ишке ашыруу маселеси чечилет.

***“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамы:***

19-беренеге ылайык, жергиликтүү кеңеш муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин белгилейт, ошондой эле анын пайдаланылышына контроль жүргүзөт.

### 7. Жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү

***“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы:***

31-берененин 2-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчётту бекитүү маселеси чечилет, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндө маалымат угулат.

***КР Бюджеттик кодекси:***

78-беренеге ылайык, жергиликтүү кеңештер бюджеттик мамилелерди жөнгө салуу жаатында аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын кабыл алышат жана алардын аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырышат; жергиликтүү бюджеттин негизги багыттарын жана артыкчылыктарын аныкташат; муниципалдык карыздын четки көлөмүн жана ага өзгөртүүлөрдү кошуп алганда жергиликтүү бюджетти бекитет;

79-беренеге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары бюджеттик мамилелерди жөнгө салуу жаатында жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүшөт жана жергиликтүү кеңештер бекиткенден кийин аларды аткарууну камсыз кылышат.

### 8. Муниципалдык ишкананы юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо

***“Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамы:***

6-берене. Каттоого алууда документтерди тапшыруу тартиби

1. Каттоого алууда документтерди каттоочу органга арыз ээси тапшырат. Мыйзамдарда каттоо үчүн документтерди тапшыруунун башка жолдору каралышы мүмкүн.

2. Төмөндөгү жактар арыз ээси катары чыга алышат:

- юридикалык жак түзүлүп жатканда анын уюштуруучусу (уюштуруучулар);
- ишеним каттын негизинде аракет кылган башка жак.

3. Арыз ээси каттоочу органга түзүлүп жаткан юридикалык жактын аталышын алдын ала текшерип берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу. Юридикалык жактын аталышын алдын ала текшерүүнүн тартиби (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-августундагы №442 токтому менен бекитилген).

Юридикалык жактар өз аталыштарында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринде тийиштүүлүгүнө жараша кыргыз, орус алфавиттеринин тамгаларын гана, ал эми англис тилинде – латын алфавитинин тамгаларын пайдаланууга тийиш.

4. Каттоо арызына арыз ээси колтамга коёт. Каттоо арызынын формасы жана анын мазмунуна карата коюлуучу талаптар Өкмөт тарабынан бекитилет.

5. Каттоого алууда юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) документтери каттоочу органга мамлекеттик же расмий тилде тапшырылат.

6. Каттоого алууда Мыйзамда каралгандан башка кандайдыр бир документтерди жана маалыматтарды талап кылууга тыюу салынат.

7. Устав, уюштуруу келишими жана жобо каттоочу органга тапшырылууга жатпайт.

8. Коммерциялык уюм өзүнүн иш-аракетин типтүү уставдын же коммерциялык уюм өз алдынча иштеп чыккан жана бекиткен уставдын негизинде жүзөгө ашырууга укуктуу. Муниципалдык ишкананын типтүү уставы жок.

9. Эгерде юридикалык жактын уюштуруу документтеринин мазмуну мыйзамдарга ылайык келбесе, уюштуруучу (катышуучу) алардын милдеттенмелери боюнча жооп берет. Уюштуруу документтеринин мазмуну мыйзамдардын нормаларына карама-каршы келген учурда мыйзамдардын нормалары колдонулат.

7-берене. Мамлекеттик каттоону (кайра каттоону) ырастоочу документ

1. Тапшырылган документтердин Мыйзамда каралган тизмекке ылайык келишин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча каттоочу орган тарабынан мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк берилет. Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк юридикалык жактын мамлекеттик каттоо фактысын күбөлөндүргөн документ болуп эсептелет.

2. Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк финансы-кредит мекемелеринде эсеп ачуу үчүн негиз болуп эсептелет. Банктык жана башка финансы-кредиттик мекемелерге эсептешүү эсептерин ачууда юридикалык жактан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка кандайдыр бир документтерди талап кылууга тыюу салынат.

Юридикалык жак мөөргө жана (же) штампка ээ болууга укуктуу, аларда юридикалык жактын мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук аталышы, ошондой эле мыйзамдарда каралган бөлөк реквизиттери камтылышы керек.

8-берене. Каттоонун мөөнөттөрү

1. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо документтердин зарыл тизмеги каттоочу органга сунуш кылынган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде жүзөгө ашырылат.

9-берене. Каттоо үчүн төлөм

1. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоодо мыйзамдарга ылайык аныкталган өлчөмдө төлөм алынат.

2. Мамлекеттик каттоо үчүн төлөм мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк алганга чейин төлөнөт.

10-берене. Каттоонун өзгөчөлүктөрү

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча катталган, филиал (өкүлчүлүк) түзгөн же болбосо башка юридикалык жактын уюштуруучусу катары чыгып жаткан юридикалык жак мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн кошумча түрдө тапшырат.

11-берене. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо

1. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоодо каттоочу органга төмөндөгү документтер тапшырылат: Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызы; юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечими; ушул Мыйзамда каралган башка документтер.

2. Юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечими төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

- катталуучу юридикалык жактын мамлекеттик жана расмий тилдердеги аталышын;
- жайгашкан жерин (юридикалык дарегин);
- фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жерин (жеке жактар үчүн), толук аталышын, жайгашкан жерин (юридикалык жактар үчүн) көрсөтүү менен ар бир уюштуруучу жөнүндө маалыматтарды;
- юридикалык жактын уставдык капиталындагы (пайлык фондундагы) ар бир уюштуруучунун үлүштөрүнүн (пайларынын) өлчөмүн;
- аткаруучу органдын жетекчисинин фамилиясын, атын, атасынын атын;
- мыйзамдарга ылайык башка маалыматтарды.

3. Юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечиминде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы, мамлекеттик каттоо учуруна карата уставдык капиталды (пайлык фондду) төлөө тартиби сакталгандыгы жана мыйзамда белгиленген учурларда, юридикалык жакты түзүү маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

Юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечимине ар бир уюштуруучу колтамга коет жана ар бир жеке жактын-уюштуруучунун кол тамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтер каттоо органына уюштуруучу (уюштуруучулар) – жеке жак (жеке жактар) тарабынан түздөн-түз берилген учурда анын (алардын) кол тамгасын нотариалдык милдеттүү күбөлөндүрүү талап кылынбайт. Юридикалык жактын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы юридикалык жактын мөөрү менен бекитилүүгө же нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

5. Арызды кабыл алган күндөн тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- юридикалык жакты мамлекеттик каттоо үчүн керектүү документтердин тизмегинин болушун жана аларда камтылган маалыматтарда так эместиктер же дал келбестиктердин жоктугун текшерүүгө;
- тапшырылган документтердин мазмунунун мыйзамдарга ылайык келишин текшерүүгө (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);
- тиешелүү буйрук чыгарууга жана салык, статистика, Социалдык фонд органдарына маалымдоого, мамлекеттик каттоо жөнүндө маалыматты мамлекеттик реестрге киргизүүгө;
- мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук аталышын, каттоо номерин, ИСНди, ИУЖК кодун, мамлекеттик каттоонун датасын жана юридикалык дарегин көрсөтүү менен мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк берүүгө;
- уюштуруу документтеринин бирден нускасын берүүгө (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);
- тапшырылган каттоо документтеринин бирден нускасын камтуу менен юридикалык жактын каттоо ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө.

6. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

7. Мамлекеттик каттоодон кийин финансы-кредиттик мекеменин жана коммерциялык эмес уюмдун уюштуруу документтери каттоочу органдын мөөрү жана штампы менен бекитилет.

## 9. Муниципалдык менчикти (мүлктү) муниципалдык ишканага берүү тартиби



***“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамы:***

16-беренеге ылайык, муниципалдык менчикте болгон мүлк муниципалдык ишканаларга чарба жүргүзүү укугу менен, ал эми мекемелерге - оперативдүү башкаруу укугу менен берилиши мүмкүн. Чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу үчүн мүлк берилген муниципалдык мекемелер менен ишканалар бул мүлккө Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен аныкталган чектерде ээлик кылышат, пайдаланышат жана тескөөгө алышат.

19-беренеге ылайык, жергиликтүү кеңеш муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин белгилейт, ошондой эле анын пайдаланылышына контроль жүргүзөт.

## 10. Муниципалдык менчикти (мүлктү) муниципалдык ишканага берүү

***“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамы:***

19-беренеге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы муниципалдык менчикти башкарат жана тескейт; муниципалдык менчик объекттерине укук берүү тартибин кароочу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларынын, Менчиктештирүү программаларынын жана муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин аныктоочу дагы башка ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана жергиликтүү кеңештин кароосуна берет; муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди түзүүгө, иштешине, кайра уюштурууга жана жоюуга, ошондой эле муниципалдык менчиктеги акционердик коомдордун акцияларын башкарууга жетекчиликти, координацияны жана контролду жүзөгө ашырат.

## 11. Муниципалдык ишкананын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер

***“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы:***

31-берененин 2-бөлүгүнүн 14-пунктуна ылайык, шаардык, айылдык кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маселелер чечилет: муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен камсыз кылууну пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катуу тиричилик таштандыларын жыйнагандык, ташып чыгаргандык жана жок кылгандык үчүн тарифтерди бекитүү.

***“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамы:***

19-беренеге ылайык, жергиликтүү кеңеш муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитет.

M

**USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору тарабынан даярдалды**[1]

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору жооптуу жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

# Ийгиликтүү аймактар – өлкөнүн өнүгүүсүнүн кепили



***Сүрөттө: Кубанычбек Нурмаматов, Баткен облусундагы Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн башчысы***

“Өлкөнү өнүктүрүү үчүн биринчи кезекте аймактарды өнүктүрүү зарыл. Бул – менин терең ишенимим”, - деп айткан 2018-жылдын башында, “2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” Буйрукка кол койгондон кийин Президент Сооронбай Жээнбеков[1]. Буйрукта финансы ресурстарын тең эмес бөлүштүрүү, ыңгайлаштырылбаган фиаскалдык жана бюджеттик саясат, чабал инфраструктура жана аймактык лобби региондорду өнүктүрүүдө дисбаланска алып келе турганы белгиленет. 2018-жылдын башына карата Кыргызстан калкынын 66%ы элет жергесинде жашаганы белгилүү болду[2]. Өлкөдөгү калктын жарымынан көбүнүн экономикалык жана социалдык бакубатчылыгы бардык деңгээлдердеги бийлик, жарандык коом, жеке сектор жана эл аралык өнөктөштөр үчүн күн тартибиндеги негизги маселе бойдон кала берүүдө.

АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) Кыргызстандагы аймактардын өнүгүүсүнө көмөктөшүүдө. 2016-жылдын октябрь айынан бери USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору ЖӨБ органдарына өз потенциалын жана жарандардын алардын ишине болгон ишенимин жогорулатууда колдоо көрсөтүп келүүдө. Ушул тапта долбоор Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Ош облустарындагы 32 муниципалитет менен кызматташууда. “Кыргыз Республикасында аймактарды өнүктүрүү боюнча улуттук диалог” аттуу Форум аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча Президент Сооронбай Жээнбековдун демилгесин колдогон USAIDдин көптөгөн иш-чараларынын бири.

Форум 2018-жылдын 30-мартында өткөн. Форумга Кыргызстандын жети облусунан 40тан ашуун ЖӨБ органы, Кыргыз Республикасынын Президенттик Аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын, ЖӨБЭММАнын, Кыргыз Республикасынын ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү жана эл аралык өнөктөштөр катышты. Форум Кыргыз Республикасындагы аймактардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлөрдү жана өнүгүүнү илгерилетүү стратегиясын талкуулоо үчүн аянтча болуп калды. Тараптар туруктуу жана сапаттуу тейлөө, бюджеттик процесс, элет жергесинин социалдык жана маданий өнүгүүсү боюнча өз идеяларын беришти. Ар бир пункт боюнча катышуучулар өз пикирин айтып, сунуштамаларын беришти. Төмөндө сиздин

[1] http://www.president.kg/ru/news/11325_prezident_sooronbay_jeenbekov_razvitie_regionov_-_prioritetnoe_napravlenie_v_moey_prezidentskoy_deyatelnosti_/
[2] http://stat.kg/ru/statistics/naselenie/, 2018-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасындагы калктын саны

назарыңызга форумдун соңунда катышуучулар кол койгон Резолюцияны сунуштайбыз. Резолюция форумдагы үч негизги маселе боюнча сунуш берүүчү мүнөзгө ээ. Ал маселелер:

- жергиликтүү бюджеттердин потенциалын жогорулатуу;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу;
- жергиликтүү маанидеги социалдык жана маданий маселелерди чечүү.

# “Кыргыз Республикасында аймактарды өнүктүрүү боюнча улуттук диалог” аймактардын форумунун РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

Күнү: 2018-жылдын 30-марты
Орду: “Парк-отель” мейманканасынын жыйындар залы, Бишкек шаары. Кыргыз Республикасы
Катышуучулар: Айыл өкмөт башчылары, Кыргыз Республикасынын жети облусунун айылдык аймактарынын айылдык кеңештеринин төрагалары, Кыргыз Республикасынын Президенттик Аппаратынын жана Өкмөт Аппаратынын өкүлдөрү, ЖӨБЭММАнын, ЖӨБ Союзунун, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү.

КР Президентинин 2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө Буйругунда белгиленгендей, аймактарды өнүктүрүүдө мамлекеттин жана коомдун күч-аракеттерин бириктирүүдө жана мамилесинде системалуу өзгөрүүлөрдү жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын стратегиялык өнүктүрүүнүн милдеттерин эске алуу менен, Аймактардын форумунун катышуучулары төмөнкүдөй чараларды сунушташат:

## Жергиликтүү бюджеттердин потенциалын жогорулатуу

***Салыктарды башкарууну жакшыртуу боюнча:***

- салыктарды жыйноонун максаттары жана милдеттери жөнүндө калктын, ишкерлердин маалымдуулугун жана сабаттуулугун жогорулатуу;
- муниципалдык салык кызматкерлерин салыктарды жыйноо боюнча кошумча жүк алууга шыктандыруу (балким айлык акысына бонус кошуу);
- ЖӨБ органдарынын кошумча салыктарды чогултууга кызыкдарлыгын жогорулатуу, себеби жергиликтүү бюджеттерди теңдештирүү боюнча учурдагы система буга көмөктөшпөйт;
- КР Өкмөтүнүн “Салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” №202 токтомун аткаруу боюнча Мамлекеттик Салык кызматынын аймактык бөлүмдөрү менен ЖӨБ органдарынын макулдашуулары үчүн ченемдик-укуктук базаны түзүү;
- салыктарды төлөө боюнча калкка шарттарды түзүп берүү, мисалы, терминалдарды орнотуу, салык төлөөчүлөрдүн бирдиктүү базасын түзүү ж.б.

***Теңдештирүүчү гранттарды натыйжалуу пайдалануу боюнча:***

- бардыгы үчүн ачык, жөнөкөй жана тең болгон Теңдештирүүчү гранттарды чегерүү Эрежелерин камсыз кылуу. Теңдештирүүчү гранттарды чегерүү формуласы татаал болгондуктан аны Эсеп палатасы жана КР Финансы министрлиги гана түшүнөт;
- ЖӨБ органдарынын кызматкерлерине Теңдештирүүчү гранттарды чегерүү Эрежелерин үйрөтүү;
- ЖӨБ органдарына өнүгүү бюджетин иштеп чыгууга шарт түзүү, теңдештирүүчү дотациялар мындай шарттарды түзө албай жатат.

***Өнүктүрүү фонддору боюнча:***

- өнүктүрүү фондунан жеке секторду да каржылоо үчүн шарттарды түзүү;
- фонддун каражаттарын артыкчылыктуусуна жараша экономиканын пайда алып келген чөйрөлөрүн өнүктүрүүгө чыгымдоо;
- ЖӨБ органдарын Фонддун каражатынын эсебинен каржылоо үчүн сунуштардын инвестициялык пакетин түзүүгө шыктандыруу.

***Дем берүүчү гранттар боюнча:***

Дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүү боюнча учурдагы Жобо ЖӨБ органдарынын керектөөлөрүнө жооп берүүдө. Бирок, төмөнкүдөй бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынууда:

- дем берүүчү гранттар боюнча квоталарды көбөйтүү;
- жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшүн азайтуу.

### Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр

1. Абоненттердин түрдүү категориялары үчүн катуу тиричилик калдыктарын топтоонун бирдиктүү ченемин иштеп чыгуу;
2. Катуу тиричилик калдыктарынын полигондорун уюштуруу үчүн жерлерди трансформациялоонун жол-жобосун жеңилдетүү жана тездетүү;
3. Коммуналдык төлөмдөрдү өз убагында төлөбөгөнү үчүн жана төлөөдөн качканы үчүн абоненттердин жоопкерчилигин күчөтүү максатында КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү;
4. Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн доо арызы боюнча административдик жана жарандык иштерди кароонун жол-жоболорун жеңилдетүү жана тездетүү;
5. ЖӨБдүн социалдык-экономикалык өнүгүү планынын бирдиктүү типтүү форматын иштеп чыгуу жана киргизүү.

### Жергиликтүү маанидеги социалдык жана маданий маселелер

1. Социалдык маселелерге байланышкан документтерди (пенсия, жөлөк пул ж.б.) даярдоонун жол-жоболорун жеңилдетүү;
2. ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын эске алуу менен райондордун жана айылдык аймактардын деңгээлинде социалдык багыттагы иш-чараларды өткөрүү үчүн ЖӨБ органдары менен райондук маанидеги мамлекеттик түзүмдөрдүн биргелешкен иш-аракеттер планын кабыл алуу;
3. Калкты социалдык жактан колдоо маселелерин чечүүдө ЖӨБ органдарына кошумча ыйгарым укуктарды берүү;
4. Айыл өкмөткө жаш адистерди тартууга шарт түзүү үчүн кадрларды тандап алууда конкурстан өтүп жаткан муниципалдык кызматчылар үчүн квалификациялык талаптарды жөнөкөйлөштүрүү;
5. Суу пайдалануучулар ассоциацияларын түзүү процессинде суу чарбасынын райондук башкаруусу тарабынан ЖӨБ органдарына көмөк көрсөтүү;
6. Муниципалдык-жеке өнөктөштүк принциптерин киргизүү менен социалдык-маданий багыттагы кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жаатында ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу.

**** Резолюциянын соңу*

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕГИ БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС

Жергиликтүү бюджеттердин потенциалын жогорулатуу ЖӨБ органдарынын алдында турган өзгөчө маанилүү милдет болуп эсептелинет. Президент Сооронбай Жээнбеков өзүнүн кайрылууларынын биринде мындай деген: “Мамлекеттин эки негизги экономикалык аспабы – салыктык-бюджеттик саясат жана акча-насыя саясаты аймактарды өнүктүрүүгө тикелей таасирин тийгизе албады”. Муну менен Президент жергиликтүү бюджетти башкарууда учурдагы практика жетиштүү деңгээлде натыйжалуу болбогонун айтты[1]. Соңку жылдары ЖӨБ органдарына жеринде көйгөйлөрдү дагы да эффективдүү чечүүгө жол берген өтө көп реформалар жасалды. Реформалар жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик процесске да жетти.

Жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик процесс өзүнө түрдүү булактардан жергиликтүү бюджетке түшкөн каражатты башкарууну, аны жергиликтүү жамааттын турмуш тиричилигине чыгымдоону камтыйт. ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү, аткаруу жана контролдоо үчүн жоопту. Бюджетти башкаруунун көп тепкичтүү процесси ЖӨБ органдарынан билимди жана бюджетти толтуруу боюнча ченемдик-укуктук базаны сактоону, бюджеттин каражаттарын пайдалануунун долбоорун иштеп чыгууну, долбоорду айылдык кеңеш жана жамаат менен макулдашууну, ошондой эле бекитилген планды бекем сактоону талап кылууда. Бул жагынан алып



**_Форумдун катышуучулары жергиликтүү бюджеттердин потенциалын жогорулатуу маселесин талкуулашууда_**

[1] http://www.president.kg/ru/news/11325_prezident_sooronbay_jeenbekov_razvitie_regionov_-_prioritetnoe_napravlenie_v_moey_prezidentskoy_deyatelnosti_/




*USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун өкүлдөрү өнөктөш муниципалитеттерге алардын ишин баалоонун жыйынтыктарын тапшырышты*

караганда, жергиликтүү бюджетти эффективдүү башкаруу буларды билдирет: жергиликтүү бюджеттин кирешесин толук көлөмдө чогултуу, кирешенин кошумча жана резервдик булактарын табуу, бюджеттин каражаттарын жергиликтүү жамааттын муктаждыктарына максаттуу пайдалануу жана ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугу.

Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн көлөмүн көбөйтүү ЖӨБ органдарынын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Кирешелерди жергиликтүү бюджеттин салыктарын чогултуунун эсебинен көбөйтсө болот. Улуттук деңгээлде салык-акча саясаты чөйрөсүндөгү соңку реформалар ЖӨБ органдарын жергиликтүү бюджеттин салыктарын өз алдынча администрациялоого шыктандырды. КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №202 “Салыктык укук мамилелери чөйрөсүндө өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ишке ашырылышы боюнча чаралар жөнүндө” Токтомуна жана 2017-жылдын 1-январындагы бюджеттик мыйзамдарга ылайык ЖӨБ органдары төмөнкүлөрдү жасай алышат.

1. Жергиликтүү салык саясатына жаңыча көз жүгүртүп, жергиликтүү салык саясатын кайра баалай алышат – жер салыгынын ставкаларын, айыл чарба багытындагы жана мындай багытта болбогон жерлер үчүн ижара акысынын ставкасын жогорулатууну карап чыгуу, зоналык коэффициентти эффективдүү пайдалануу.
2. Чакан бизнести көмүскөдөн алып чыгуу жана бизнес жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө дем берүү боюнча жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарын жигердүү пайдалана алышат. Мисалы, сатуу көлөмү 30 млн сомдон кем эмес жаңы ишканаларды салык төлөөдөн бошотуу, Бюджеттик кодекстин 159-беренесинин негизинде берилген жеңилдиктер жергиликтүү деңгээлдеги чакан ишкерлер үчүн жакшы стимул болуп берет.
3. Салык төлөбөгөн ишкерлерди аныктоо боюнча активдүү позицияны ээлей алышат. Мисалы, такси, трактор айдоочулардын, башка жеке ишкерлердин бир бөлүгү гана экономикалык ишти жүргүзүүгө патент сатып алышууда.
4. Мамлекеттик салык органдары менен түзүлгөн келишимдердин алкагында, ЖӨБ органдары салыктык контроль, салыктар боюнча карызды өндүрүү, салык төлөбөгөндөргө айып санкцияларын колдонуу боюнча ыйгарым укуктарын колдоно алышат.

**БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС – Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен регламенттелген бюджеттердин долбоорлорун түзүү жана кароо, бюджеттерди бекитүү, тактоо жана аткаруу, эсеп алууну жүргүзүү жана отчеттуулукту түзүү, каржылык башкаруу жана контролдоо боюнча иш. (2016-жылдын 16-майындагы № 59 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси).**

ЖӨБ органдарынын жергиликтүү деңгээлде салыктарды жыйноо бөлүгүндөгү укуктарын кеңейтүү аларга республикалык бюджеттен көз карандысыз болууга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берип жатат. Дотациялардан жана башка трансферттерден көз карандысыздык жергиликтүү бийликке жергиликтүү калктын муктаждыктарын канааттандырууга кеңири жол ачууда. Бул болсо коммуналдык кызматтарды көрсөтүүдө алардын эффективдүүлүгүн жана жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон ишенимин жогорулатууга жардам берет.

Бюджеттик процесстин эффективдүүлүгүн жогорулатууда экинчи маанилүү фактор – жергиликтүү бюджетти түзүү маселелерине жарандардын катышуусу жана ишеними. Жарандарды бюджеттик процесске тартмайынча ЖӨБ органдары жергиликтүү деңгээлде салыктарды жыйноо көрсөткүчүн жогорулата алышпайт. Бул болсо жергиликтүү калктын маселелерин чечүүдө жергиликтүү бийликтин



***Элмира Султанбаева,***
***Ысык-Көл облусундагы***
***Ак-Чий айылдык аймагынын айылдык***
***кеңешинин төрайымы***

ишинин натыйжалуулугун азайтат. Жергиликтүү бюджетти түзүү маселелеринде айыл өкмөтүнүн ачыктыгы жана айкындуулугу коомчулук үчүн маалыматтын жеткиликтүү болушу менен гана аныкталбайт. Бул ошондой эле коомдук катышуунун зарыл шарты болуп саналат.

2017-жылдын 1-январындагы бюджеттик мыйзамдардын жаңы жоболору мамлекеттик бюджеттин, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылууга таасирин тийгизмекчи. Бул максаттарга жетүү үчүн ЖӨБ органдары калк жергиликтүү бюджеттин кирешелери менен чыгашалары тууралуу кабардар болушу үчүн коомдук бюджеттик угууларды өткөргөн соң гана кийинки жылга бюджеттин долбоорун бекитиши керек.

Бюджеттик угуулардын максаты – бюджетке байланышкан маселелерди чечүү максатында ЖӨБ органдары жана жамаат сунуштаган чаралар, иш-аракеттер боюнча коомдун макулдугун алуу.

**КООМДУК БЮДЖЕТТИК УГУУЛАР – бул коомдук пикирди иликтөө, сунуштарды, сунуштамаларды алуу жана калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен чечимдерди кабыл алуу үчүн аткаруу бийлик органдарынын демилгеси боюнча өткөрүлүүчү Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттердин түзүүнүн жана аткаруунун маселелерин ачык талкуулоо формасындагы иш-чара (КР Бюджеттик кодексинин 127-беренеси).**

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн коомдук угууларда төмөнкүдөй тапшырмалар аткарылат:

- ЖӨБ органдары жарандарды бюджеттин учурдагы абалы, чечилиши керек болгон көйгөйлөр жана кийинки бюджеттик жылга бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча чаралар тууралуу маалымдайт;
- бюджеттик процесс боюнча мыйзамдардын талаптарын аткаруу боюнча ЖӨБ органдарынын жана калктын милдеттеринин аткарылышы тууралуу маалымат берилет;
- муниципалитеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган бюджеттик маселелерди биргелешип чечүү боюнча чаралар талкууланып, кабыл алынат.

Мындан тышкары Бюджеттик кодекстин 126-беренеси менен калкка бюджеттик маалыматты жеткиликтүү жана жөнөкөй түрүндө берүү максатында Жарандык бюджетти даярдоо зарылчылыгы белгиленген. Жарандык бюджет атайын билими жокторду кошуп алганда, жарандарга жергиликтүү бюджеттин финансылык агымдары жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берет. Жарандык бюджетке карата талап көбүрөөк деңгээлде мамлекеттик бюджетке тиешелүү болгонуна карабастан, бул аталган документти шаардын, айылдык аймактын алкагында иштеп чыгуу талабын четке какпайт.

Бюджеттин долбоору боюнча коомдук угуулар жергиликтүү калкка жарандык бюджетти берүү үчүн жакшы аянтча болуп саналат. Жалпысынан жергиликтүү деңгээлде бюджеттик угууларды өткөрүү практикасы жергиликтүү бийликке жана жамаатка калктуу конуштун турмуш деңгээлин жакшыртуу боюнча маалыматтарды, пикирлерди жана сунуштарды айтууга жол ачат.

*2017-жылдын башынан тартып USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору жергиликтүү бюджетти башкарууда өзүнүн өнөктөшү болгон ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу боюнча туруктуу иштерди жасап келүүдө. Бул иштин алкагында долбоор салыктык администрациялоо боюнча эки класстердик тренинг, бюджет боюнча коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү, жарандык бюджетти даярдоо боюнча беш тренинг өткөрдү. Ошондой эле долбоор 22 өнөктөш муниципалитетте бюджеттик угууларды өткөрүү ишине колдоо көрсөттү. Долбоор Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Ош облустарындагы 32 муниципалитет менен кызматташып келүүдө. Долбоор бул муниципалитеттердин потенциалын бекемдөө аркылуу суу менен жабдуу, таштандылар маселесин чечүү, айыл чарба жаатында эффективдүү кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга жардам берүүдө. 2016-жылдын октябрь айынан тартып, долбоор 1,1 миң муниципалдык кызматкерди жана эксперттерди окутту, жергиликтүү маанидеги кызмат көрсөтүүлөр боюнча, бюджетти аткаруу жана жергиликтүү жамааттын уставдарын иштеп чыгуу боюнча 62 коомдук угууларды уюштурду.*

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги(SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН СЫНАГЫ

# “ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ” СЫНАГЫ ТУУРАЛУУ ЖОБО

**Сынакты өткөрүүнүн максаты:**

1) калкты жамааттын турмушуна жана жеринде чечим кабыл алуу процессине дагы да активдүү катышууга шыктандыруу;
2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу боюнча жакшы үлгүлөрдү шыктандыруу жана алар тууралуу маалыматты таратуу максатында аныктоо;
3) Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге жергиликтүү жамааттар менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө алдыңкы усулдарды жана жаңы ыкмаларды колдонууга көмөктөшүү.

Сынакты өткөрүү тартиби: Жергиликтүү жамааттардын лидерлери, демилгелүү топтор, бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык мекемелер жана уюмдар, өз алдынча же болбосо биргелешип Өнүктүрүү саясат институтуна өз айылында алардын биргелешкен демилгеси менен киргизилген/өткөрүлгөн жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өзгөчө жемиштүү, натыйжалуу тажрыйбанын/иш-чаранын сүрөттөлүшүн жибере алат. Иш-чара төмөндө көрсөтүлгөн формага ылайык деталдуу түрдө сүрөттөлүш керек.

Бул сынактын алкагында жергиликтүү демилге катары жергиликтүү коомчулук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге көтөрүп ишке ашырууда коомчулукка пайда келтирген; улантууну же болбосо муниципалитетте кайталоону талап кылган жана КМнин башка айылдарында колдонула турган иш чаралар, механизмдер же методдор эсептелет. Ашар жолу менен чечилген жергиликтүү маанидеги маселе же бир жолку иш-чара эмес, өнүгүүгө багытталган демилгелерге артыкчылык берилет. Сынакта төмөндөгүдөй жергиликтүү демилгелер каралат:

1) калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга көмөктөшкөн;
2) ЖӨБ органдарынын айкын ишине, ЖӨБ органдарынын калк алдында жооптуу болушуна көмөктөшкөн;
3) муниципалдык уюмдардын жана мекемелердин (мектептердин, коммуналдык кызматтарды жеткиргендердин ж.б.) айкын ишине көмөктөшкөн;
4) жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ролун арттырууга жана алардын шайлоочулар менен дагы да активдүү иш алып баруусуна көмөктөшкөн;
5) жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартууга көмөктөшкөн;
6) жарандардын бюджеттик процесске катышуусун камсыздаган;
7) жарандык коомдун артыкчылыктуу муктаждыктарды тандоого жана айылдын өнүгүүсү үчүн чечим чыгарууга катышуусун камсыздаган.

Жергиликтүү демилге жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү, бирок төмөнкүлөр кошулганы менен, булар менен гана чектелбейт:

- территорияны көрктөндүрүү (ички жолдор, көчөлөрдү жарыктандыруу);
- жергиликтүү коомчулуктун маданияттын өнүгүүсүнө шарт түзүү (анын ичинен китепканалардын, маалыматтык борборлордун иш-тартибин уюштуруу; маданият үйдүн алдындагы кружоктордун жана секциялардын ишине шарт түзүү жана алардын иш-тартибин уюштуруу);
- сапаттуу кызматтарды берүү үчүн шарт түзүү (таза суу, сугат суу ж.б.), коомдук уюмдардын

ишин жакшыртуу боюнча демилгелерди кошуп;
- дени сак жашоонун идеясын алып баруу, физикалык маданиятты жана спортту өнүктүрүү үчүн шарт түзүү;
- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарт түзүү;
- бош убакытты уюштуруу: балдар жана жаштар үчүн иш-чаралар;
- ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жетүүнү камсыздоо, ЖӨБ органдарынын ачыктыгына көмөк көрсөтүү (элге маалымат жеткирүү, кайра байланышты камсыз кылуу ж.б. иш-чараларды уюштуруу);
- өзгөчө муктаждыктары болгон адамдарга социалдык кызматтарды уюштуруу жана берүү үчүн шарт түзүүгө көмөк көрсөтүү.

Ар бир арыз берүүчүдөн жергиликтүү демилгени сүрөттөгөн мисалдардын саны чектелген эмес, бирок ар бир мисал бир гана көйгөйгө тиешелүү болуш керек. Сүрөттөө 1500 сөз менен чектелиш керек. Сүрөттөр бет ачардын көркүн андан да чыгармак (табыштаманын формасын караңыз).

### Көңүл бургула! Сүрөттөлгөн өтүнмөлөр мамлекеттик жана официалдуу тилде кабыл алынат

Мисал же мисалдар сүрөттөлгөн өтүнмөлөрдү Өнүктүрүү саясат институтунун кеңсесине 2018-жылдын 1-сентябрынан 15-сентябрына чейин жиберишиңиз керек.

### Тандоо критерийлери

Бардык табыштамалар тандоонун төмөнкү критерийлерине негизделген мазмундуулугу жана туура түзүлгөндүгү жагынан каралат:
- жергиликтүү жамаат үчүн жергиликтүү демилгенин мааниси – жайылтылган практика жамааттын жашоо шартын жакшыртууга кантип көмөктөштү;
- ЖӨБ органдарынын ишинин калк алдында ачыктыгын жана жоопкерчилигин жогорулатуу деңгээли;
- калктын жамааттын турмушуна жана чечим кабыл алуу процессине, анын ичинде жергиликтүү маселелер боюнча катышуусунун активдүүлүгүн жогорулатуу деңгээли;
- процесске муниципалитеттеги калктын бардык социалдык катмарларынын катышуусун жана гендердик баланстын сакталышын камсыз кылуу;
- жарыктыгы, ошол жамааттын ичинде жана/же дагы да кеңири масштабда жараткан кымгуут жагынан алып караганда иш-чаранын же жайылтылган тажрыйбанын өзүнүн сапаты;
- мыкты тажрыйбаны ишке ашырууда муниципалитеттин өз алдынчалыгынын деңгээли (анын ичинен донордук каражаттардан көз карандысыздыгы);
- байгенин эсебинен сатылып алынган каражатты/жабдууну колдонуу сүрөттөлгөн демилгени мындан ары жакшыртууга же калктын ЖӨБ органдары менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечүүсүнө кантип көмөктөшөт.

Комиссия чечим кабыл алганга чейин жергиликтүү демилгени жеринде ишке ашыруу тажрыйбасы менен таанышуу максатында сынакка катышкан айылдык аймакка барып же барбоону Долбоор өзү чечет.

Бардык критерийлер маанилеш салмакка ээ. Демилгелер өз-өзүнчө ар бир критерий боюнча 5 баллдык өлчөм менен бааланат. Кимдин табыштамасы мүмкүн болушунча көбүрөөк баллга ээ болсо, ошол жеңүүчү деп табылат.

### Сынактык комиссия

Сынактык комиссия катышуучулар тапшырган документтерди ыктымал толуктоолор менен карайт. Ал толуктоолор сынакка көрсөтүлгөн демилге тууралуу маалыматка ээ болгон эл аралык уюмдардын, долбоорлордун, башка бейөкмөт уюмдардын ой-пикирлери түрүндө болушу мүмкүн. Толуктоолорду мындан тышкары арыз берүүчүлөр, табыштама берген муниципалитеттин тургундары, ЖӨБ органдары менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Долбоор да бериши мүмкүн. Табыштамаларды баалоо аларды тапшыруу мөөнөтү аяктагандан тарта 2-3 аптанын ичинде ишке ашырылат. Комиссиянын мүчөлөрү табыштамаларды жогоруда көрсөтүлгөн тартипке ылайык баалашат. Сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат Долбоордун сайтындагы “Жаңылыктар” деген бөлүмдө, “Муниципалитет” журналында жарыяланат. Сынактын жеңүүчүлөрү сынактык комиссия чечим чыгаргандан кийин бир аптанын ичинде жазуу түрүндө маалымдалат.

Сынактык комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:
- “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору – 1 адам;
- Өнүктүрүү саясат институту – 1 адам;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этникалар аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик – 1 адам;
- Бейөкмөт уюмунан – 1 адам.

Сынактык комиссиянын чечими көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат.

Жергиликтүү демилгени жайылтуу тажрыйбасы: Долбоор өзүнүн басма каражаттарында сынакка көрсөтүлгөн жергиликтүү демилгелердин мисалдарын жарыялоону ойлонуштурууда. Биз басылмада орундун чектелүү болгонунан улам берилген тексттерди редакциялоо укугун өзүбүздө калтырдык. Ошондой эле эң мыкты мисалдар ӨСИ жана долбоордун сайттарында жайгаштырылат.

Жергиликтүү жамааттардын лидерлери,

демилгелүү топтор, бейөкмөт уюмдар, муниципалдык мекемелер жана уюмдар, Кыргыз Республикасынын Чүй, Нарын жана Ош облустарынын айылдык аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана жергиликтүү кеңештери катышуу укугуна ээ.

Байгелер. Сынактын жалпы байге фонду 700 000 сомдун тегерегинде болот. Байге фонду үчүн каражатты Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору (мындан ары – Долбоор) бөлүп берди.

Сынактын жеңүүчүлөрүнө байгелер төмөнкүдөй тартипте ыйгарылат:

- I орун – 150 000 сомго чейинки өлчөмдөгү грант;
- II орун – 100 000 сомго чейинки өлчөмдөгү грант;
- III орун – 70 000 сомго чейинки өлчөмдөгү грант;

Шыктандыруучу байгелер: ар бири – 30 000 сом өлчөмүнө чейинки суммадагы байгелер.

Байге каражаттары (грант) сынамыкта көрсөтүлгөн демилгени улантуу, демилгеде аталган тажрыйбаны жакшыртуу же жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен кызматташтыкта жаңы демилгени ишке ашырууга колдонулушу мүмкүн. Байге каражаттары жергиликтүү жамаат менен ЖӨБО бирге аракеттешүүсүн жакшыртууга, анын ичинде коомдук иш-чараларды өткөрүүгө арналган жабдууну сатып алуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

- сүрөттөлгөн жана жеңүүчү деп аталган жергиликтүү демилгени улантууга же жайылтылган усулду колдоого иш-чараны өткөрүү үчүн жабдуу, шайман ж.б. (бюджетти бергенден кийин чоо-жайын Долбоор менен макулдашуу боюнча);
- үндү күчөткүчтөр (колонкалар), микрофондор жана ушул өңдүү товарлар, коомду маалымдар кылуу системалары;
- коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн жайларды жабдуу үчүн эмеректер (мисалы, отургучтар, кресллолор, маалымат такчалары, доскалар);
- муниципалдык мекемелер (мектептер, бала бакчалар, музыкалык жана спорт мектептери) үчүн жабдуулар жана шаймандар;
- муниципалдык ишканалар (суу менен камсыздоо, таштанды чогултуу, көчөнү жарыктандыруу, жашылдандыруу өңдүү кызматтарды көрсөткөн ишканалар) үчүн жабдуулар.

Долбоор курулуш-оңдоо долбоорлорун каржылоодон, эмгек акыдан же сапардан тышкары байге корун колдонуунун башка да варианттарын карап чыгышы мүмкүн.

Милдеттүү шарт – байгени алгандан кийин бир (1) айдын ичинде алынган байгени колдонуу менен жүргүзүлүп жаткан иш же өткөрүлгөн иш-чара тууралуу отчёт тапшыруу.

Сынактын жеңүүчүсүнө калкты жергиликтүү маанидеги иштерге тартууну жана жергиликтүү кызматты көрсөтүүнүн сапатын мындан ары да жакшыртуу максатында байге корун колдонуу боюнча Долбоор менен сүйлөшүү жүргүзүү укугу берилет. Сатып алууну Долбоор жеңүүчүнүн өкүлүнүн катышуусу менен бирге жүргүзөт жана ал жеңүүчүнүн колдонуусуна өткөрүлүп берилет. Каражатты иш-чараны же акцияны өткөрүү үчүн колдонгон учурда Долбоор байгенин суммасынын алкагында бардык чыгашаларды түздөн-түз жабат.

Бардык маалыматты "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорун ишке ашырып жаткан Өнүктүрүү саясат институтуна 2018-жылдын 1-сентябрынан 15-сентябрына чейин төм. дарек боюнча жиберүүңүздү өтүнөбүз: Бишкек шаары, Үмөталиев көчөсү, 108-үй. Кошумча маалымат алуу үчүн Айнура Балакунова жана Анара Мусаевага (0 312) 97-65-30 (34) телефон номурлары боюнча кайрыла аласыз же abalakunova@dpi.kg, amusaeva@dpi.kg электрондук дарегине кат жазсаңыз болот.

## 2018-жылдын «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ» СЫНАГЫ

## МААЛЫМАТТЫ ТАРТУУЛОО ФОРМАСЫ

Көңүл бургула! Сүрөттөлгөн өтүнмөлөр мамлекеттик жана официалдуу тилде кабыл алынат.

### I-бөлүм. Жалпы маалымат

АА аталышы: ________________________________

Мисалдын аталышы: ___________________________
______________________________________________
______________________________________________

Байланыш үчүн тарап (сынактын уюштуруучулары тарабынан кандайдыр бир кошумча же толуктоочу маалымат алуу үчүн):

Аты-жөнү: ___________________________________
______________________________________________

Кызматы: ____________________________________
______________________________________________

Арыз берүүчүнүн байланыш маалыматы:

Телефон номурлары ___________________________
Электрондук почтасынын дареги: _______________
______________________________________________

ЖӨБ органы

АӨ башчысынын аты-жөнү: ______________________
_____________________________________________

Демилгенин өнөктөшү болгон ЖӨБО/бейөкмөт уюмдун, демилгечи топтун же жергиликтүү жамааттын лидеринин аты-жөнү жана кызматы ____________________________________
_____________________________________________

Демилгенин өнөктөшүнүн байланыш маалыматы:

Телефон номурлары: ___________________________

Электрондук почтасынын дареги: ________________

Арыз берүү күнү: «__»___________2018-ж.

## II бөлүм. Байге фондун пайдалануу

- Өтүнүч, байге фондун кайда жана эмнеге пайдалануу ниетиңизди баяндап бериңиз;
- Утуп алынган байге баяндалган жергиликтүү демилгенин кандай жол менен жакшырышына жардам же жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жаңы демилгени ишке ашырууга кандай түрткү бере тургандыгын көрсөтүңүз;
- Өтүнүч, жаңы же учурда башталып калган демилгени ишке ашыруу боюнча сиздин пландарыңыз тууралуу баяндап бериңиз.

## III бөлүм. Жергиликтүү демилгенин мисалын сүрөттөө

Сиздин тажрыйбаңызды/мисалды текст түрүндө 1500 сөздөн ашырбастан сүрөттөп берүүңүздү өтүнөбүз (стандарттык шрифттин 12 өлчөмү менен үч барак). Табыштаманы төмөнкү суроолорго жөнөкөй жооптор менен чектелүү сунушталбайт, бирок бул суроолор боюнча маалыматтар текстте камтылыш керек. Сүрөттөр болсо андан да жакшы болмок.

**1. Жергиликтүү демилгеге эмне себеп болду?**
- Сүрөттөп жаткан тажрыйбаңызды колдонуу менен чечилген маселенин өзөгү эмнеде жатат?
- Канча адам бул көйгөйгө кабылды?
- Бул көйгөй кантип аныкталды? Көйгөйдү аныктоодо жергиликтүү лидерлердин (бейөкмөт уюмдар, өзүнчө адамдар, демилгелүү топтор ж.б.) жана ЖӨБ органдарынын ролу кандай болду?

**2. Ишке ашырылган жергиликтүү демилгенин (тажрыйбанын) сүрөттөлүшү**
- Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу боюнча жасаган иштериңизди (тажрыйбаңызды) кыскача сүрөттөп бериңиз;
- Бул тажрыйбаны качан жана кантип жайылттыңыз? Демилгечиси ким болду? Сүрөттөлүп жаткан мисалга кимдир бирөө (донорлор, бейөкмөт уюмдар, ЖӨБ, маморгандар, бизнес ж.б.) катышса, аларды да жазып коюңузду өтүнөбүз;
- Демилге боюнча өнөктөштөр (ЖӨБ органы, жамаат, уюмдар, демөөрчүлөр ж.б.) менен кызматташтык кантип уюштурулган?
- Демилгени ишке ашыруу процессине канча адам тартылган?
- Калктын социалдык-аялуу катмарларынын керектөөлөрүн кантип аныкталып, пикирлери кантип эске алынды? Ошондой эле гендердик баланс кантип сакталды?

**3. Жергиликтүү демилгени жайылтуунун жыйынтыктары**
- Башкы жыйынтык эмнеде камтылган? Ишке ашырылган демилгеде кошумча пайда алындыбы жана ал кандай болду?
- ЖӨБ органдарынын калк алдындагы ачыктыгы жана жоопкерчилиги кандай деңгээлде өстү?
- Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калктын активдүүлүгү канчалык өстү?
- Бул демилгеде жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын ролу кандай болду?
- Демилгеге карата ЖӨБ органдарынын жана бийликтин башка органдарынын реакциясы кандай болду?
- Сиздин демилге тууралуу ММКда жарыяландыбы, же бул тууралуу маалымат таратуунун башка да мисалдары болдубу? (өтүнүч, сүрөттөп бериңиз жана/же көчүрмөсүн тиркеңиз).

**4. Бенефициарлар (пайда алгандар)**
- Тажрыйба жайылтылгандан кийин жыйынтыктардын бенефициары ким болду?
- Түз бенефициарлардын саны канча?
- Түз бенефициарлар арасында гендердик баланс сакталганбы (аялдардын катышуусу)?
- Кыйыр бенефициарлар канча? (Бенефициарлардын санын кантип аныктаганыңызды сүрөттөп бериңиз);
- Өтүнүч, сиз сүрөттөп жаткан демилгени ишке ашырууга байланыштуу тургундардын цитаталарын – пикирлерин, баасын келтириңиз.

**5. Жайылтуунун баасы**
- Демилгени ишке ашырууда канча чыгаша болдуңуз?
- Каржылоонун кайсы булактары колдонулду?
- Донордук каражаттар тартылды беле? (эгерде ООБА болсо, донорлордун кошо каржылоосу канча пайызды түздү)?
- Эгерде сиздин тажрыйбаңызга “Эл үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору менен кызматташтык таасирин тийгизсе, ал кандайча болгонун сүрөттөп берүүңүздү өтүнөбүз.

**Көңүл бургула!**
**Сүрөттөлгөн өтүнмөлөр мамлекеттик жана официалдуу тилде кабыл алынат.**

**Маалыматты Анара Мусаева жана Айнура Балакунованын атына төмөнкү дарек боюнча жибериңиз:**
**720001, Бишкек ш., Үмөталиев көчөсү, 108,**
**факс: (0 312) 97-65-29**
**электрондук дареги:**
**abalakunova@dpi.kg, amusaeva@dpi.kg**